11 Мектеп көйгөйү - мекен көйгөйү



9 И.Ташов: «Пейилдин калыстыгы – жумуштун ийгилиги»




# САРЕСЕП

29-октябрь, 2015-жыл
№24 (24)
saresep.kg
Калыс көз караш!




Коалиция кайсы партиялардан куралат?

5-бетте





Жумуш эшигин ачуу кыйын

6-бетте



Келечекке дүрбү салган Калыгул олуя

10-бетте



## Көндүмдүн эмгек базарындагы баалуулугу

3-бетте



## Анонс!!!

Эмки жумадан баштап Сересеп Чубак ажы Жалиловдун интерактивдүү жоопторуна орун бере баштайт. Суроолоруңуздарды 0773 615-487 номуруна SMS жазып же WhatsApp аркылуу жибериңиздер. Айдын эң жакшы суроосуна Чубак ажынын тилеги жазылып, колу коюлган пайдалуу китеп белек кылынат.






## “Кылым курулушу” аяктады

Кечээ 28-октябрда президент Алмазбек Атамбаев Ош шаарындагы эстакадалык көпүрөнүн ачылышына катышты. Навои көчөсүндөгү кош кабат – эстакада көпүрөнүн курулушу 2013-жылдын октябрында башталган. Аны ошол кездеги шаар башчысы Мелис Мырзакматов “кылым курулушу” деп атап, көпүрө 2015-жылдын жазында ишке берилерин кабарлаган эле. Бирок, эки-үч айдан кийин шаар башчы кызматтан кетип, көпүрөгө байланыштуу кылмыш иши козголгон.

Көпүрө курулушун азыркы мэр Айтмамат Кадырбаев уланткан. Ишти “Сафари” курулуш компаниясы аткарды. Көпүрөнүн узундугу – 265 метр, туурасы – 24 метр. Курулуштун жалпы чыгымы 560 млн. сомду түздү. Көпүрөнүн ачылышы Ош шаарынын күнүнө туш келди.



## Кагазга экинчи өмүр

Бишкектеги А.Молдокулов атындагы Улуттук компьютердик гимназиясында башталган жогорудагыдай аталыштагы акция, акырындык менен жалпы иш-чарага айланды. Аталган гимназиянын биология мугалими Арстанбекова Минайым жана немис тил мугалими Касаболотова Майрамдын жетектөөсү астында окуучулар Боскунова Нурай, Темикеев Элдар, Мирбек кызы Курманжан "Кагазга экинчи жашоо" аттуу кече өткөрүштү. “Дүйнөлүк көйгөйгө айланган таштандыларды кайра иштетүүдө мектеп окуучулары кандай салым кошо алат?” деген суроо кеченин негизги темасы болгон. Кечеден алган таасирдин негизинде 3 окуучудан турган жогорудагы демилгечи топ эки жуманын ичинде мектептеги макулатураны чогултуу үчүн атайын үкөктөрдү орнотушту. Алар өткөрүлгөн кагаз таштандысын тиешелүү жайларга тапшырышып, ордуна даарат кагаздарды, бир жолу пайдаланыла турган кагаз майлыктарды жана тазалыкка керектелүүчү каражаттарды класстарга таркатышат.

“Мектептеги таштандынын 80%ы кагаз болгондуктан, ушундай иш-чараны Кыргызстандын башка да мектептерине жайылтуу атуулдук парзыбыз, Мекенибизге кошкон кичинекей салымыбыз” дешет№5 гимназиянын окуучулары.

# “Жаңы” депутаттар иш баштады



Кечээ Жогорку Кеңештин 6-чакырылышына депутат болуп шайлангандар Анвар Артыковдун төрагалыгы астында өз ишин баштады. Аталган отурумга төрага Т. Абдраимов баштаган БШКнын мүчөлөрү толук курамы менен катышып, жаңы шайланган депутаттарга мандаттары тапшырылды. Андан соң, эки саатка созулган ант берүү болуп өттү.

Айта кетчү жагдай, буга чейин “Республика Ата-Журт” партиясынын тизмесинен чыгарылып, бирок Жогорку Сот тарабынан кайра тизмеге киргизилген алты талапкер да өз мандаттарын алышты.

# Атамбаев «КР өкмөтүнүн отставкасы жөнүндө» жарлыкка кол койду



Жаңы VI чакырылыштагы КР Жогорку Кеңешинин иши башталгандыгына, мурдагы чакырылыштагы КР Жогорку Кеңешинин ыйгарым укуктары токтотулгандыгына жана тиешелүү түрдө КР Жогорку Кеңешинин «КСДП», «Ар-Намыс» жана «Ата Мекен» фракцияларынын ортосундагы 2014-жылдын 31-мартындагы макулдашуунун негизинде түзүлгөн «Мамлекеттүүлүктү бекемдөө үчүн» коалициясынын парламенттик көпчүлүк статусун жоготкондугуна байланыштуу, КР Конституциясынын 65-беренесине, 84-беренесинин 7-бөлүгүнө, «КР өкмөтү жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 13-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна жана 4-бөлүгүнө ылайык, КР президенти кол койгон жарлыктын негизинде КР өкмөтү отставкага кетти.

Премьер-министр, биринчи вице-премьер-министр, вице-премьер-министрлер жана өкмөт мүчөлөрү мурда ээлеген кызмат орундарына ылайык милдеттерин аткарууну КР өкмөтүнүн жаңы курамы түзүлгөнгө чейин улантышат.

Жарлык кол коюлган учурдан баштап күчүнө кирет.

# Качкындын атасы кайрылуу жасады



“Мен Эдиль Абдрахмановдун атасымын. Эдилдин энеси менен ажырашып кеткендиктен, баламды 18-жыл көргөн эмесмин. Маалымат каражаттарынан балам 6 адамды өлтүрдү дегенди уккандан кийин, бандит болуп кеткен турбайбы деп ойлогом. Дагы далай кишинин канына забын болгонун укканча, өз колум менен кармап берейин дегем. Бир кошунам келип: “Байке талаада сенин балаң жүрөт окшойт” деди. Келинчегимди салып алып, ылдый жагынан өйдө чыгалы деп 1 саат издедим. Үйүмөн 3 километр алыста жүрүптүр. Ачка болуп, бирок коркконунан жакындап келе албай атса керек.Себеби, ачкалыгынан талаада калган помидорлорду терип жеп жүрүптүр. Үшүп да калыптыр. Баламды көрөр замат ыйлап жибердим. 20 метр аралыктан эле: “Ата жолобочу, андан көрө атып сал, ушул жерден өлүп эле калайын! Түрмө тозоктон да жаман. Бизди мурун эле мыйзамсыз атып салышса болмок!” деди. Мен: “Экөөбүз 20-жыл көрүшкөн жокпуз, анда мени ат” десем, “Жок, ата, сизди кантип атмак элем?” деп чөнтөгүндөгү оюнчук тапанчанын окторун чыгарды. “Мени алар сөөктөрүмдү сындырат, баарын кылат” деди. Балам, ушинтип качып жүргөнчө колго түш, тирүү кармапып берейин дедим. Милицияга өзүм маалымат бергем. 100гө чукул милиция кызматкери келген экен. Баламдын аркасынан кубалашканда, "Атпагыла!" дегениме кулак салышпай, бутка атып ийишти. Андан соң жанына келип, бетке тебишти" деди Алимжан Абдрахманов.

# Көндүмдүн эмгек базарындагы баалуулугу

**Өзгөчө талантыңыз же жөндөмүңүз болбосо, бул макала сиз үчүн. Бирок бир нерсени алдын ала эскертип койгубуз келет. Ар бир адамдын катылган таланты бар, болгону аны аныктап, андан соң өркүндөтүү үчүн жан үрөп эмгектенүү керек**



### Генийлер үчүн жашоо оор

Жаштар менен алардын ата-энеси келечектеги кесип жана адистикти тандоого көп убакытысын сарпташат. Жаштайынан өзгөчө шыгы бар кээ бир адамдар өздөрүнө кесипти талантына, жөндөмүнө ылайык тандап алышат. Бирок, таланты ачылбаган адам тапталган жолго кадам таштаганга мажбур. Албетте, катардагы адамдын жаркыраган жылдызга айлануусу оор, бирок дал ушундай адамдар эмгекчилдик, өжөрлүк жана максатка умтулуунун үлгүсүн көрсөтүп келишет. Ушул «карапайымдар» бар үчүн учак абага көтөрүлүп, поезд темир жолдо жүрүп, бардык экономика өз жолунда шыр келет.



НУРАДИЛ РАИМБЕКОВ

«Карапайым адамдын» кыймылы менен ой жүгүртүүсү эркин. Алар өздөрүнүн талантынын жана коомдук пикирдин камагында эмес. Коом аларга талантыңды туура эмес жакка жумшап атасың деген кине коё албайт. Ошондуктан «карапайым адамдар» башкарган дүйнөдө генийлер үчүн жашоо тар деп бекеринен айтылбайт. Ошондуктан, сиздин өзгөчө талантыңыз же жөндөмүңүз болбосо, бул макала сиз үчүн. Бирок, алдын ала эскертип койгубуз келет. Ар бир адамдын катылган таланты бар, болгону аны аныктап, андан соң өркүндөтүү үчүн жан үрөп эмгектенүү керек.

Ар бир адамдын табигий таланты менен жөндөмү нерв системасынын түзүлүш жана иштөө өзгөчөлүктөрүндө камтылган. Ошондуктан бардык эле морфологиялык жана физиологиялык сапаттар да жалпы генетикалык мыйзамдарга баш иет деп божомолдосок болот. Бирок ошол эле убакта таланттын укум-тукумга өтүү мүмкүндүгү тууралуу гипотезасын аны мурастоо идеясы менен барабар деп карабоо керек. Кээ бир окумуштуулар антропологиялык изилдөөлөр аркылуу таланттын генден берилерин далилдегенге аракеттенишкен. Бирок, алардын баары коомдук-практикалык изилдөөлөр аркылуу жокко чыгарылган.

### Бала кесипке 3 жашынан даярдалат

Чыныгы залкарлардын санжырасын изилдегенде, адистик кесибин көбүнчөсү биологиялык гендерден эмес, жашоо шарттарынан т.а., жөндөмүнүн өөрчүүсүнө түрткү берген коомдук чөйрөнүн таасиринен улам мурастап алганына күбө болуп келүүдөбүз. Эгер бир үй-бүлө музыка менен жашап, өздөрү эле алектенбей, баласын да кошо музыка менен алектенгенүүгө зордосо, анда мындай чөйрөдөн музыка чеберлеринин өсүп чыкканына таң калбай эле койсо болот.

Тубаса жөндөмдү талант деп атасак, чөйрөнүн таасири менен пайда болгон шыкты көндүм же компетенция деп атайбыз. Экинчи типке кирген жөндөм адамды курчап турган коомдук чөйрө тарабынан когнитивдүү (аңдоо) системасы аркылуу калыптанат. Мисалы орус окумуштууларынын бир изилдөөсүнө таянып айта турган болсок, вьетнамдыктар башка улуттарга салыштырмалуу, музыканы так түшүнүү жөндөмүнө ээ. Бул факт көпчүлүк тилдерден айырмаланып, вьетнам тилинде үндүн деңгээли сөздүн маанисин өзгөртүүчү касиетке ээ экени менен түшүндүрүлгөн. Ошондуктан вьетнамдардын музыкалык жөндөмү өз тилин мыкты билүү зарылчылыгына байланыштуу.

SONY корпорациясын негиздөөчүсү, 1–5 жаш арасындагы балдарды тарбиялоо жана окутуу боюнча жаңычыл концепциялардын автору Масару Ибуканын эмпирикалык (сезилген тажрыйба) изилдөөсүндө баланын интеллектуалдык жөндөмүн калыптандырууда алгачкы үч жыл өтө олуттуу экенин далилдеген. Бала үч жашка чыкканда мээсинин 70–80%ы калыптанып бүтөт («Үчтөн кийин кеч», Масару Ибуке). Заманбап изилдөөлөр да баланын когнитивдүү жөндөмүнүн эрте өөрчүүсү келечектеги кесиптик көндүмдөрү менен компетенцияларын өздөштүрүүсүн жеңилдетет.

### Билим берүү саясаты аксаган

Кыргызстанда жумушсуз жаштар өтө көп. Расмий маалыматтарга караганда, 10,1%га жеткен. Бул жумушсуз жаштардын 14%ы жогорку билимдүү. Жаштар иш базарынын эң чоң бөлүгүн түзгөндүктөн, учурда жумушчу күч сунуштоонун өсүү тенденциясын кубаттап келет.

Ошол эле учурда ишбилги адистердин жетишсиздиги да өсүүдө. Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы (ЕРӨБ) менен Дүйнөлүк Банктын «Ишкердик жагдай жана ишканалардын аракеттери» деген изилдөөсүндө 2008-жылы ишканалардын 18%ын билими жетишсиз жумушчу күчтөр түзүп, натыйжада бизнес кылуу үчүн негизги тоскоолдукту ушулар жаратат деп атаган болсо, 2013-жылы бул көрсөткүч эки эседен ашыкка жогорулап 40%га жеткен. Ошентип, жумушчулардын ишке болгон жөндөмү Кыргызстанда бизнес кылуунун негизги тоскоолдугу боло баштады. Ишканалардын 35%ы гана жумушчу күчтүн квалификациясы менен билим деңгээли эч кандай көйгөй жаратпайт деген пикирде. Ушундан улам бул көйгөй 2008-жылы 10-катарда болсо, 2013-жылы 4-орунду ээлеген.

Адистерге болгон муктаждыктын ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнүн жумушсуздугу менен үзөңгүлөш кетип баратканы билим берүү системасындагы мамлекеттик саясаттын пландуу даярдоонун алсыздыгынан кабар берип турат. Албетте, негизги көйгөйлөр менен себептер кечээ жакында эле калыптанган эмес. Алар системалык мүнөзгө ээ болуп, экономика товарларды реэкспорт кылуу жана квалификациялуу жумушчу күчтөрүнүн экспорттолуусу менен өнүгүп келе берүүсүнөн улам кар тогологу сыяктуу катмарлашып көбөйүп келе берген.

### Эске тутуу эмес ойлонуу жана жөндөмдүү болуу талап кылынууда

Бажы Биримдигине киргенден улам экономикалык контекст (маселени камтыган жагдайлар) өзгөргөн, салттуу акча келүү жолдору иштебей калган азыркы учурда, эконмикада структуралык өзгөртүүлөрдү кылуу маселеси бышып жетилди. Буга чейин көбүнчө соода тармагында орун алган улуттук бизнес, аста-астадан өндүрүш, кайра иштетүү, айыл чарба сыяктуу жумушчу күчтөрүнө болгон талап адаттагыдан айырмаланган башка тармактарга оой баштады. Бирок, керектүү деңгээлдеги адистерсиз экономикада структуралык өзгөртүүлөрдү жаратуу мүмкүн эмес. Биз учурда окуу жайларды бүтүрүп аткан адистер жумушчу базарына талап кылынбай калганын түшүнсөк жакшы болот. Азыркы окуу программалардын көбү эскирген методика менен билимдерге негизделген. Жаш мугалимдер тыкыр тандоодон өткөрүлбөгөндүктөн, талап кылынган деңгээлдеги тажрыйбага ээ эмес. Бирок, менин жеке көз-карашымда, билим берүү ыкмасынын эскилиги негизги көйгөй эмес. Заманбап экономикалык шарттарда ийгиликтүү мансап жаратуу үчүн билим менен гана чектелип калуу аздык кылат.

Интернет технологияларынын, компьютердик жана башка коммуникациялык каражаттарынын өнүгүүсүнөн улам «билим» деген компетенция бара-бара жекечил ойлоодон жалпы аң-сезимге көчүп баштады. Дааналап айтканда, адам азыр тигил же бул маалыматты сактап калууга аракеттенбей эле, интернет-издегичтин, мисалы Googleдун, маалымат сактоо коруна тапшырып коюуда («Окутуу мээге сактоого негизделбейт», Митио Каку). Адам негизги убакытысы менен кубатын эске тутуп калууга коротпостон, анын ордуна маалыматтарды талдоого жана маселелерди чечүүнүн креативдүү (чыгармачылык, жаратмандык) жолдорун табууга жумшап баштайт. Тактап айтканда, келечектин иш базары билимдүүлөрдү гана эмес, белгилүү кесиптик көндүмгө ээ жана идиреги бар адамдарды талап кылат. Буга жамаат менен бат тил табыша алуу, сынчыл ой жүгүртүү, чыгармачыл аң-сезим, чечкиндүүлүк, тез өздөштүрүү өзгөчөлүгү, жасай турган ишин алдын ала пландай билүү сыяктуу жагдайларды киргизсек болот. Билим азыр жалпыга таандык, ошондуктан аны каалаган адам оңой эле ала алат. Бирок азыр ар бир адам билимди туура колдонуп, аны натыйжалуу жакка өзгөртө билүүсү талап кылына баштады.

*P.S. Учурда Coursera, MIT OpenCourseWare, Khan Academy, Code Academy, Udacity сыяктуу сайттардан техникалык же башка көндүмдөрдү үйрөнүп алуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү.*

# Жүрөгүңдү тыңша, көңүлүңө ылайыгын жаса!



Ким эле жашоодо, окууда, ишинде болсун, дегеле ар тараптан ийгиликке жетишкиси келбесин. Адам дайым алга умтулуп, турмушта кездешкен тоскоолдуктарга чалынганына кайыл болуп, кадамын токтотпой шилтегенде гана жашап кетет. Кээде «наглый» болсоң гана, оозуңдагыны алдырбай, турмуштун шары менен тең кете аласың деп да ойлоп кетем. Бир жагынан мунун да чындыгы бардай. Бирок, мындай көрүнүштүн эки жагы бар: сен үчүн жакшы болсо да, башкалардын ирээнжитүүсүн пайда кылат. Ошол эле убакта кээлери сени кубатташа, антпесе болбой калды, жашаш керек да дешет… Аны-муну коюп жүрөгүңө гана кулак салып, болгону жакшы жагын тандап, иргеп алган дурус го?

Ушуга байланыштуу бир окуяны уккан элем. Кайсы бир күнү таш бакалар жарыш уюштурушат. Максаты узун жол менен бийигирээк дөңсөөгө чыгуу. Баары жанталаша белгиленген жерди көздөй жарышып жөнөшөт. Эң артында бараткан бирөө: «Ээ, баары бир жете албайбыз, колдон келбегенден кийин убара болуп эмне кыласыңар?» деп калып калат. Аны көрүп, дагы бирөө жолдон четтейт. Ошентип, бул сөз биринен-бирине өтүп, акырында көпчүлүгү жарым жолдон кайтып кетишет. Арасында бир гана таш бака чымырканып отуруп, ошол көздөгөн жерге жетип барат. Муну көргөн баары айраң-таң. Көрсө тиги таш бака дүлөй экен…

Икаядан маани чыгарсак. Айрымдардын тилине кирип, баштаган ишти аягына жеткирбей таштаган учур көп эле болот. Сөз бир топ нерсени чечип коёт эмеспи. Болбойт десе эле болбойт экен деп, өзүбүзгө ишенбей артка кайтуунун туура эмес көрүнүш экенине көп эле күбө болдум. Кез-кезде икаядагы таш бакача дүлөй болуп коюунун деле пайдалуу жактары бар экен. Көрсө, каалоосу күчтүү болсо, кар күйөт тура. Ошондуктан пессимисттик ойлордон арылып, өзүбүзгө болгон ишенимди жоготпой, дайым алга гана кадам таштап, арышыбызды арбыта берели.




# Акчага жараша – адамгерчилик

Мугалим класска кирери менен окуучулар тынчтанып, бөлмөдө жымжырттык орной түштү. Көптү көргөн, буурул чач агайдын жүрүш-турушу, сүйлөгөн сөзү, сабагы башкалардан өзгөчө таасирдүү эле. Салмактуу басып босогону аттаар замат баары өз-өз ордунда олтуруп калышчу. Сабак өтүп жаткан-да, окуучулар убакыт өтпөй токтоп калуусун каалашчу.

Бир жолу ошол агай сабакка кирери менен чөнтөгүнөн 1000 сом алып чыгып: «Акчалуу болууну ким каалайт?» деп сурады. Окуучулар бир ишенип, бир ишенбей, бирибирин тиктеп калышты. Агайы: «Уялбай эле койгула, чынын айтчылачы алгыңар келеби?»,-деп кайра собол жаңыртты. Колдор биринин артынан бири көтөрүлө баштады. Ким каалабасын, туурабы? Мугалим: "Берерден мурун мындай кылалы" деп акчаны ушалап туруп жерге таштады. Ошондо да алууну каалагандардын саны азайган жок. Агайы эми ныгыра тепседи. Бирок, акчаны канчалык ушаласа да, тепселесе да ал дагы деле акча бойдон өзүнүн баалуулугун жоготподу, жоготпойт да болчу.

Мугалим бул мисалы менен адамдын кадыр-баркын түшүндүргүсү келген эле. "Адам кандай кыйынчылыка учурабасын, урунуп жараланбасын, жүдөбөсүн, ал кайра эле – Адам. Бирок, пенде кээде акчаны адамдан да жогору коюп алары кандай гана өкүнүчтүү!" деген сөзү менен сабакты жыйынтыктады.

Чын эле… Биз, адамдар акча үчүн эмнелерге гана барбайбыз. Адамгерчилик да, мамиле да капчыкка байланып калгандай. Жаңагы кытыраган миң сомдук сыңары кемибей турган учурда баары айлананда, бирок, акча эскирет, тырышат-бырышат, кирдейт, бирок, баары бир акча бойдон калат. Ал эми инсанчы? Жүдөп, акчасыз же аргасыз абалга кептелсе да, ал демейки эле сен көрүп, мен көрүп жүргөн адам. Өкүнүчтүүсү, айрым бир акчага азгырылган, акча менен оорутан, адамдык сапаты төмөндөр үчүн барксыз, керексиз, муктаж, эзилген бир жан болуп көрүнүшү мүмкүн.



# Караңгыда жол көрсөткөн ишеним

Түн. Көзгө сайса көрүнгүс караңгылыкта чалынып кетпесем экен деп, кадамын этият таштай бүжүрөгөн кемпир көчөдө баратты. Үйүнө жетерге итапкан жер бар. Аңгыча алды жактан шырп эткен дабыш чыгып, бир караан көрүндү. Караан уламдан-улам жууктап, берилей берди. Негедир кемпир коркподу, тескерисинче, минтип үн катты:

– Балам, үйүмө чейин жеткирип коёсуңбу? Карылыгы да курусун, иш менен минтип караңгыда темселеп жүрөм.

Жигит эненин колтугунан сүйөп, үйүнө дейре узатып келди.

Кемпир:

– Рахмат, балам, бул жакшылыгың жолдо калбас! – деп ыраазычылык билгизе алкады.

А жигит:

– Жок, эне кайра мен сизге рахмат айтышым керек, себеби, мен – уурумун! Жана сизди тонойм деген арам ой менен келдим эле. Ушул убакка дейре мага эч ким ишеним арткан эмес эле. Сиз эң биринчи мага ишенген адам болдуңуз. Менден коркпой, кайра менин көмөгүмө сүйөндүңүз! – деп бурулуп кете берген экен.

Ана, ишеним! "Бирөөгө ишенсең, өспөйсүң" деген сөздүн төгүндүгү. Качан гана адам баласы күмөнсүрөбөй ишеним артканда, баары жайында, болот тура. Бири-бирибизге болгон ишенимибиз жоголбостон, дайыма арта берсин.



# Обу жок күмөнсүү, коркуу

Көпчүлүк адам жоготуп албайын деп сүйүүдөн, сүйүүгө татыксызмын деп сүйүлүүдөн коркот. А жоопкерчиликти көбөйткөндүгү үчүн ойлонуудан, сын же жеме угуп калбайын деп, сүйлөөдөн коркот. Кагуу жебейин деп, сезимин ачык айтуудан, жаштыктын баркын билбегендиги үчүн картаюудан, артында жакшы бир из калтырбаганы үчүн унутулуп калуудан коркушат. Ошондой эле жашоону билбегендиги үчүн жок болуудан (өлүүдөн) коркушат.

Бетти даярдаган
ЭЛИЗА ИРАНОВА



# Коалиция кайсы партиялардан куралат?

Жиптин аркы учунда партиялардын ич ара мандат талашуусунан улам араздашуулар аягына чыкпай, эки-экиден соттошуп жатса, жиптин берки учунда көпчүлүк коалициясы кайсы партиялардан кураларын, премьерлик орун кимге жылмаяры талкууланып жаткан чак

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

Албетте, коалициянын түзүү вазыйпасы шайлоонун эртеси эле КСДПга берилгени анык болгон. Аталган фракция коалицияны каалагандай калчап, курамына кимди кошуп, кимди бөлүп салса да жараша берет. Бирок, президенттик партия ким менен достошуп, ким менен касташары азырынча бүдөмүк. Дегеним, **КСДПнын лидери Чыныбай Турсунбеков** мерчемин ачык айтып, так маалымат бере элек. Болгону убакыт көрсөтөрүн жана ич ара макулдашуу болоруна гана токтолуп келген. "Коалицияны ар түрдүү вариантта түзсө болот. Анын баары сүйлөшүүнүн жыйынтыгында белгилүү болот. Биринчи кезекте эсептөөлөр толук бүтсүн. Күчтөрдүн катышына жараша талдап, ойлонуп көрөбүз. Жалпы платформабыз кимдер менен туура келерин карап көрөбүз».



Эске салсак лидер көпчүлүк учурда журналисттер тарабынан берилген ушул өңдүү суроолорго түз эмес, тайсалдаган жооп узатып келет. Чамасы, бул иш акырына чейин табышмак боло тургансыйт. Саясий топтун башчысы же кээ бир мүчөлөрү так маалымат бербесе, ар кандай божомолдор айтыла берери бештен белгилүү. Ошол божомолдуу кептер боюнча көпчүлүккө КСДП менен "Кыргызстан", "Өнүгүү-Прогресс" партиялары биригишсе, идеялык жактан да, программалык жактан да реалдуу көрүнүш болчудай. Бирок, башында эле "Республика-Ата-Журт" партиясынын төрагасы Өмүрбек Бабанов көпчүлүккө кошулууга кызыкдар экенин айтып, жылуу салам-дубайын узаткан. Мындай учурда коалицияга Бабановду кошсо, премьердин орду кооптуу жагдайды жаратат. Анткени, аталган лидердин премьерлик гана эмес президент болуу амбициясы да бар саясатчы экенин айтпаса да белгилүү.

**Саясий серепчи Эркин Абдразаков** КСДП жанына күчтүү саясий күчтөрдү чогултуусу керек экенин, анткени, партиянын ичинде бычакка сап көрүнүктүү саясатчы жок экенине токтолду: "Негизи партиялык принцип боюнча, алган багытына, стратегиясына платформасына жараша түзүлүш керек. Бирок, бийликке келе турган бул партиялардын программалары коёндой окшош. Демек, идеялардын биригишинен улам эмес, партия башчылардын каалоосуна жараша түзүлөт. Бул учурда партия жетекчилери бири-бири менен тил табыша алабы деген да маселе бар. Айталы, бийликти катуу сындап келген Өмүрбек Токтогулович шайлоо эртеси эле 180% пропрезиденттик маселелерди көтөрүп, баягы кыйкырып аткан талапкерибиз президенттин партиясынын мүчөсү катары сүйлөп калды. Бул Кыргызстанда партиялык система толук кандуу, принципиалдуу калыптана элегине далил болду. Кыскасы мурункудай таанышчылык, досчулук же айрым жеке иштерге байланыштуу коалиция түзүлөт".



Жогоруда айтылган варианттан тышкары, дагы бир коалициянын курамын түзүү жолу бар. Ал аталган үч партиянын аягына "Республика-Ата-Журт" партиясын кошуу планы. Бирок партиянын лидери эпке келип, компромисстик кадамдарга барса гана топко кошулуушу мүмкүн.

"Эгерде Бабанов өзүнүн белгилүү кызыкчылыктарынан баш тартса, мисалы өнөктөшү Ташиевдин маселесин көтөрбөй, өкмөттүн ордун талашпай, популисттик кадамдарынан кайра тарта турган болсо, коалицияга кошулуп калышы мүмкүн. Бирок баары бир мүмкүндүк аз. Анткени, КСДПнын жанында жандоочулары, жалпак тил менен айтканда жакын санаалаш достору, эл айткандай ксерокөчүрмөлөрү турат. Экинчи жагынан РАЖ көпчүлүккө кошулуп алса, курамдын тышында "Бир бол" менен "Ата-Мекен" калып, күчтүү оппозицияны түзө албай калышат. Кандай болгон күндө да КСДП жанына күчтүү, принциптери бар санаалаш саясатчыларды тандоосу зарыл. Анткени, партиянын сапаттуу составын карай турган болсок, анын курамында бир да көзгө басар, чыгаан саясатчы жок.

Башында "Ата-Мекен" партиясы оппозицияда калат деген пикирлер айныбай басымдуулук кылып турган. Бирок акыркы күндөрү оппозицияда "Республика-Ата-Журт" партиясы кала турган болсо, "Ата-Мекенди" коалицияга кошуу маселеси да арбын айтылып жатат. Мунун аркасында Бабанов менен Текебаевди оппозицияда калтырса, кийинки күнү бийлик түрдүү сынга кабылып, кооптуу жагдайлар жаралбайбы деген маселе турат. Чынында мындай конфигурацияда коалиция түзүлгөн күндө, калган партиялардын мандаты кандай калчаса да, КСДП алган мандатка тең келе албайт. Бул алардын Өкмөт башчылыкты талап кыла албагандыгын көрсөтүп турат. Көбүнчө оппозицияда "Республика-Ата-Журт" менен "Бир болдун" 40 эл өкүлү калат деген пикирлер айтылууда.

### V чакырылыштагы парламент эмнеси менен элдин эсинде калды?

Айдын ортосунда эле парламенттин V чакырылышы башкаруу ишининин акырына чыккан эле. Эми артка кылчайып, акыркы 5 жыл аралыгында парламент кандай иштерди мыкты аткарып, кандай иштерди чабал жүргүзгөнүнө сересеп салчу мезгил да жетип келди көрүнөт. Албетте, эски депутаттардын кылыгынан да былыгы көп болгонун акылы толук адам тана албаса керек. Ага 120 депутаттын ичинен жыйналышка отуз-кыркы гана келип, кворум жоктугунан жыйналыштардын өтпөй калганы, Жогорку Кеңештин жыйындар залында кайым айтышуулар, кызыл чеке мушташтар, беш жыл ичинде төрт жолу Өкмөттүн алмашуусу, жадагалса, бир канча эл өкүлүнө кылмыш ишинин ачылышы далил болду. Канткен менен кылмыш иши козголуп, соттун чечими менен эркинен ажыратылса да, демейде куландан соо атка минер, капысынан айыкпас ооруга чалдыгып калып, абактан бошоп кетишин таң калуу менен эске алаасың. Антсе да, дал ошол эл өкүлдөрүнө коррупцияга каршы иш ачылганын белгилеп кетүү орундуу. Бул да болсо аракеттин жемиши болбосо да, ордунда калбай кылынып жатканына далил болуп жатпайбы.



Бирок эски парламент 5 жыл ичинде мактоого арзыган иштерди да аткарыптыр. Ал өзүнүн бактысына туш келген парламенттик демократиянын орношунда жоопкерчиликтүү милдетти аткарып, жүктөлгөн ишти алып кете алганын, айрым учурда иштен кыйкым тапкан, кээ бир мүчүлүштүктөрдү түз бетке айта алган оппозициянын да болгону серепчилердин баамында турат. Бул жерден "эски парламент" деп атаган да чындыктан бир аз алысыраак болуп калчудай. Дегеним, жаңы келчү парламент да ошол эски парламенттин көпчүлүк мүчөлөрү менен толукталып турганы жалпыбызга маалым эмеспи. Канткен менен 2010-жылдын апрелинде Кыргызстанда болуп өткөн кайгылуу окуялардан кийин мамлекеттик бийлик алмашып, коомдук саясий абал өзгөргөнүн айта кетүүбүз абзел.

**Жогорку Кеңештин төрагасы Асылбек Жээнбеков** журналисттер менен болгон маегинде мамлекетте туруктуулук орношуна жана өлкө түбөлүктүү болушу үчүн парламент жигердүү иштегенине, аз эле убакыттын ичинде парламенттик демократияны нукка салууга жетишкенине токтоду: "Парламенттик демократиядагы конституцияга ылайык парламентке берилген мыйзам аркылуу биз өз укугубузду пайдаланганга үйрөндүк. Айрым парламенттик демократия өнүгүп келе жаткан мамлекеттерге караганда, Кыргызстан жакшы темп менен кыска убакытта парламенттик демократиянын өзүндө өнүктүрүп келе жатат". Муну чет элдик байкоочулар да серептеп келген.



Ал эми **узаган чакырылыштагы ЖКнын депутаты Өмүрбек Абдрахманов** тескерисинче, Жогорку Кеңеш парламенттик системаны толук кандуу орното алган эмес деген пикирде: "Парламент жаманбы-жакшыбы өз ишин аткарды. Бирок парламенттик системаны орното алган жок. Мурдагыдай эле мамлекеттеги негизги маселелерди өкмөт эмес, президент чечип жатты. Биз же парламенттик эмес, же президенттик эмес болуп, ортодо туруп калдык. Эгер таза парламенттик системага өтпөсөк, мамлекетибиз өнүкпөй турганы көрүнүп калды. Азыркы парламент олигархиялык партиялардан түзүлдү. Демек, демократиядан дагы алыстайбыз".

Беш жылдын ичинде Жогорку Кеңештин 374 жыйыны болуп, анда 1377 мыйзам долбоору каралып, 1140 мыйзам кабыл алынган. Алардын 1106сына КР Президенти кол койгон.

# Жумуш эшигин ачуу кыйын

Жумушсуздук – ар бир мамлекеттин көйгөйү. Аталган маселе Кыргызстанды да көп жылдан бери өз кучагынан чыгарбай келет




ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

## Жумушсуздукка өкмөт күнөөлүүбү?

Өлкөбүздө жумушсуздук жылдан-жылга өөрчүп, ишсиз жарандардын саны көбөйүүдө. Расмий статистикага таянсак 2013-жылы жумуш издеп, каттоого тургандардын саны 58397 адамды түзсө, 2014-жылы жумушсуздар калктын 2,4%ын ээлеген. Өкмөт бул көрсөткүчтөрдү азайтууга аракет жасаганы менен жетишерлик майнап байкалбай келет. Себеби, иликтенген маалыматтарга караганда, учурда 1 бош орунга 13 талапкер туура келет.

Өлкөдөгү жумушсуздуктун көбөйүшүнө көпчүлүк өкмөттү күнөөлөйт. Калкты жумуш орундары менен камсыз кылууда жетиштүү иш-аракет жүргүзбөйт дегендер арбын. Алардын бири Баткен облусунун тургуну Майрам айым: “Совет доорунда баарыбызда жумуш бар эле. Кийин Союз тарап, бардыгы жеке менчикке өтүп, завод, фабрикалар иштебей калгандан бери жумушсуздар көбөйүп, абал азыркыга чейин өзгөрбөй келет. Мамлекет башында тургандар натыйжалуу иштеп, жыйынтыктуу ойлонгондо, бат эле ишсиздиктин алдын алышмак. Бизде өндүрө турчу, иштете турчу көптөгөн мүмкүнчүлүктөр бар. Айталы, учурда Тажикстан Баткен өрүгүн өздөрүнүн азык-түлүгү катары таңгактап, сатыкка чыгарууда. Эгер биздин аймакка өрүк иштеткен завод ачканда, калкыбыз иш менен да, таза тамак-аш менен камсыз болот эле”.

## Чет жерде жашоо жыргал эмес

Өлкөдөгү жумушсуздуктун айынан эмгекке жарамдуулардын көбү чет өлкөлөргө чыгып кетишүүдө. Чет өлкөнүн жашоосу жеңил көрүнгөнү менен, чыныгы турмуш биз ойлогондой эмес.

Россияда үч жылдан бери супервайзер болуп эмгектенип келе жаткан 22 жаштагы Эламандын кебине кулак төшөсөк: “ Ата-энем: “Баары Россияга барып үйлүү-жайлуу, машиналуу болуп жатат” дешкенинен, окуумду аяктай салып эле, бул жакка келе бергем. Бирок, бул жерден тапкан акчаң, тамак-аш, батир акыңа эле кетип калат. Өзүңө бир аз эле акча артат. Кээде мындай акчаны Кыргызстанда деле тапмак экем деп ойлоп коём”.

Жумушсуздуктун келип чыгышынын дагы бир себеби кесипти натуура тандоо. Абройлуу дешип жаштардын көбү юрист, экономист, банкир болууну эңсешип, катардагы ширетүүчү, сантехник, электрик, ашпозчу, тракторист өңдүү кесиптерден жаа бою качышат. Анығында, бул кесиптин ээлери жогоркуларга караганда акчаны көбүрөөк табышат. Ошондой эле мындай кесип ээлерине талап да жогору.

Натыйжада, Кыргызстанда иштин көзүн таап кете албаган, анысына ар кимди күнөөлөгөн, жел кыял минген жалкоолордун көптүгүнөн да жумушсуздук эпкини басаңдабай келет.

## Кыргызстан – жалкоо мамлекеттердин катарында

“International Journal of Epidemiology” эл аралык журналы дүйнөдөгү эң иштерман жана эң жалкоо калктарды изилдеген. Жалкоолук боюнча биринчиликти Португалия алса, экинчини Бельгия, үчүнчүнү Испания алган. Айтылуу журнал Кыргызстанды да жалкоо мамлекеттердин катарына кошуп кеткен. Себеби, өлкөбүздө жалпысынан 13 майрам расмий белгиленип, калктын көпчүлүгү беш эле күн иштешет. Буга кошумча завод-фабрикалар дээрлик жок болгондуктан, кыш мезгилинде элдин көбү бош олтуруп калышат. Ал эми эң эмгекчил калк деп 32 өлкөнүн ичинен жумушка бир жылда 2 миң 357 саат убактысын короткон Түштүк Корея табылган. Кореялыктардан кийин гректер турса, 3-4-орунда Чехия, Венгрия жана Польша турат. АКШ жылына эс алууга он күндү короткондуктан, эмгекчилдиги боюнча 9-орунду ээлеген.

Дүйнөдөгү жумушсуздуктун жалпы статистикасына көз чаптырсак, 187 мамлекеттин ичинен Кыргызстан калкынын 8,2%ы жумушсуз болгондуктан, 102-орунда турат. Биринчиликти элинин 90%ы жумушсуз делинип, Науру өлкөсү алган. Түркия 103, Өзбекстан 105, Казакстан 129-орунду ээлешсе, тизменин аягында Япония, Корея, Таиланд турат.

Жумушсуздук менен күрөшүү үчүн өлкөбүздө жумуш орундарынын жарманкеси өтүп, ишсиз жарандар кесиптик билим алуулары үчүн окутулуп, чакан бизнести өнүктүрүү үчүн төмөнкү пайыздагы насыялар берилип келет. Бирок, ошого да карабастан, жумушсуздардын саны өсүүдө. Адистер бул себепти кыргыздардын көбү бекерчиликке көнүп, кыйынчылыкка туруштук бере албагандыктары менен түшүндүрөт.



## Миллиардерлер да иштешкен

Кыргыздардын көпчүлүгү бай адамды көрсө эле ууру-кески, жегич-ичкичти элестетишип, “таза жүргөн киши кантип байысын” деген чолок ойго кептелип алышкан. Ал адамдын учурунда кыйналып эмгектенгенин эске алышпайт. Сөзүбүз кур болбос үчүн, дүйнө миллиардерлеринин айрымдарына токтоло кетели:

• Жон Пол Де Жория- өзүнүн “Paul Mitchell” шампунь компаниясын түптөгөнгө чейин машинада түнөчү. Ата-энеси эрте ажырашып кеткендиктен, балалыгы оор шартта өткөн. 10 жашында гезит, жаңы жылдык карточкаларды сатып, курсагын тойгузчу. Кийинчерээк банктан 700 доллар насыя алып, ишкана ачууга жумшаган. Учурда жылдык киреешеси – 900 млн. доллар.

• Говард Шульц – дүйнө жүзүнө таанымал “Starbucks” кофе саткан дүкөндүн ээси. Бруклиндеги кедейлер штатында жашаган. Атасы жүк ташуучу унаанын айдоочусу болгондуктан, баласын да аталган кесипте иштешин калаган. Говард кедей экенине карабастан жакшы окугандыктан, жогорку окуу жайга лицензия утуп алат. Окуусун аяктаган соң “Starbucks” кофе дүкөндөрүн ачат. Башында 60 гана кофе-дүкөнү болсо, учурда дүйнөнүн ар бир бурчунда, жалпысынан 16 миң дүкөнү бар. Жылдык киреешеси 1,1 млрд. доллар.

• Ингвар Кампрад- “IKEA” брендиндеги эмерек компаниясынын негиздөөчүсү. Жаш кезинде ширеңке, балык, балаты оюнчуктарын шаардан дүң сатып алып, кошуналарына өткөрүп бизнесин баштаган. Кийин эмерек сатууга өткөн. Учурда жылдык киреешеси 6 млрд. доллар.


## Жаш миллионерлер

Көпчүлүк адамдар байлык, бийлик убакыттын өтүшү менен келет дешсе, айрымдары миллионер болуу үчүн мураска ээ болуу керек деген түшүнүктөрдү айтышат. Бул стереотиптерди бузуп, жаш экендигине карабай, миллионер аталгандарга токтоло кетсек:

• Фрейзер Доэрти – 14 жашында өз ашканасында кыям жасап, түрдүү рецептерди чыгара баштаган. 2009-жылы 16 жашында “SuperJam” кыям ишканасын ачып, жылына 1,2 млн. доллар таап келет.

• Ян Пуркаястханын балалыгы Хьюстондун токоюнда козу карын терүү менен өткөн. 15 жашында козу карындарын ресторан, кафелерге киллограммын 12 миң доллардан өткөрө баштаган. Учурда Ян 18 жашта. Трюфель сортундагы козу карын ишканасын иштетип, жылына 1 млн. доллар киреше табат.

• Раян Росс – 3 жашында миллионер аталган Раян алгачкы акчасын тооктун жумурткасын сатуу менен тапкан. 1 жумуртканы 3 долларга сатып, айына 450 доллар киреше тапчу. Кийин чогулган акчаларына газон кыркуу бизнесин ачкан. Учурда 8 жашта. Жылына 900миң доллар киреше табат.



Козу карын менен бай болгон 18 жаштагы Ян Пуркаястха



8 жаштагы миллионер Раян Росс

## Жумушсуздук менен күрөшүүгө болот

Эл аралык эмгек уюмунун маалыматы боюнча өткөн жылы дүйнөнүн 200 млн. жараны жумушсуз деп катталган. Бул көрсөткүч быйыл дагы 3, 2 млн. адамга көбөйгөн. Уюм мамлекеттер кандайдыр бир чара көрүшпөсө, 2019-жылы бул көрсөткүч 213 млнго жетээрин билдирген.

Жумушсуздукту азайтуу үчүн мамлекеттер бир канча аракеттерди жүргүзүп келишет. Алсак, Швед шаары Седерхамндын 25%ын жумушсуздар түзгөнү үчүн, мамлекет ишсиз жарандарга “Жумушка карай саякат” программасын иштеп чыккан. Программага катышкандарга чет мамлекеттерге барганга жол кире, бир айлык батир акы төлөнүп берилген. Жыйынтыгында, бир жыл ичинде 12 миң жаран чет жерде жумуш менен камсыз болгон.



«Jam boy» аттуу миллионер Фрейзер Доэрти

Францияда өкмөт жергиликтүү ишканалар 16-25 жашка чейинки адистерди жумушка алса, айлыгынын 4/3 бөлүгүн казынадан төлөп берерин жар салышкан. Учурда мамлекет 100 миңге жакын адамдын маянасын төлөп келет.

Жумуш өзү келет же мамлекет берет деп олтуруу туура эмес. Бирөөгө шылтап, өзүбүз аракет кылгыбыз келбегендиктен, жакыр, жумушсуз, жалкоо мамлекеттердин катарына кошулуп, жетишпес турмушта күн кечирип жатабыз.

# А.Саргалдаев: «Япония менен жогорку технология, энергетика боюнча иштешебиз»

Япониянын премьер-министринин Кыргызстанга болгон иш сапары жана кыргыз-япон кызматташтыгы тууралуу “Медиалат” студиясынын негиздөөчүсү, япон элинин маданиятын, үрп-адатын изилдеп, учурда II Дүйнөлүк согуштан кийин Кыргызстанга келген, 125 япон тууралуу атайын документалдуу тасма да тартып жаткан Арстанбек Саргалдаев менен маек курдук

КАНЫКЕЙ БОЗГУНОВА

**– Япониянын премьер-министри Синдзо Абэ Кыргызстанга расмий иш сапары менен келди. Бул иш сапар кандай жемишин берет?**

– Бул Япониядан Кыргызстанга келген биринчи премьер-министр болуп атат. Мындай көрүнүш тарыхта болгон эмес. Премьер-министринин келишинен улам аталган өлкө Кыргызстанга көңүл бура баштады деген бүтүм чыгарсак болот. Менимче, биздин өкмөт япондор менен жакшылап иштешип, аларды жакшы долбоорлорго киргизип, жакшы шарттарды түзүп берсе болот. Булардын жогорку технологиясы бар. Бизге караганда 100 жыл алдыда жүрүшөт. Чындыгында, кыйын улут. Ошондуктан, руханий, маданий, технология жактан пайдасын көрсөк деген оюм бар.

**– 2013-жылы да эки тараптуу атайын жолугушуу болуп, соода-экономика, өнөр жай, кен казуу жана башка тармактар боюнча каржылык жардам көрсөтүүгө сүйлөшүүлөр жүргөн экен. Ал жардамдардын таасири байкалган деле жок. Буга кандай дейт элеңиз?**

– Жеке көз карашымда, биз алардын кылган иштерине көп маани бербейбиз. Чындыгында Япониянын JIGA деген фонду Кыргызстанда көп иштерди жасап жатат. Ири программалар, гранттар менен келишип, канчалаган студенттер Япониянын университеттеринде окуп, жакшы билим, тажрыйба алышып, Кыргызстанга пайдасын тийгизип жатышат. Азыр айылдарда «Бир айылда бир өндүрүш» деген программасы абдан жакшы иштеп жатыптыр. Ар бир айыл өзүнүн продуктусу менен эл аралык базарларга чыгып, соода кылса, айылдар өнүкмөк. Биздин продуктылар экологиялык жактан таза. Буга Япония өкмөтү аябай чоң жардамын берет.

**– Бүгүнкү күндө Орто Азия мамлекеттери, анын ичинен Кыргызстан коңшу Кытай менен тыгыз кызматташып келет. Япония кызматташууда Кытайга атаандаш боло алат деп айта аласызбы?**

– Албетте боло алат. Бирок атаандаш мүнөздө деп карай албайм. Кыргызстан азыр демократиялык жактан өнүккөн өлкө болуп атабыз. Анан да парламенттик-демакратиялык жол менен кетип баратабыз. Саясий туруктуулук орноп келе жатат. Ошондуктан Кыргызстан Кытайга да, Японияга да, Орусияга да, баарына ачык болушу керек. Мамилебиз түз болсо, өнүгүүгө жакшы шарттар түзүлмөк.

**– Япон элинин тобокелчиликтен коркуу мүнөзү бар деп сыпатталып келет. Биздеги мыйзамдардын көпчүлүгүнүн иштебеши инвесторлорго коркунуч жаратып койбойбу?**

– Мурунку жылдарга салыштырмалуу учурда бул жагынан



тартип орноп келе жатат. Албетте, мыйзамда кемчиликтер бар. Ошондуктан, япондор биздин өкмөттүн улам алмаша беришинен коркушу мүмкүн. Бул боюнча өкмөт атайын инвесторлордун кызыкчылыгын, аны менен катар өзүбүздүн улуттук кызыкчылыкты кошо сактап, ишенимдүү иш алып барышы керек. Ошондо гана инвесторлор коркпой келишет.

**– Кыргызстан Япония менен ири долбоорлорду түзө алабы?**

– Түзө алат. Жаңы жогорку технологиялар боюнча, энергетика жагынан ири долбоорлорду түзсөк болот. Бизде энергетикалык потенциал аябай чоң, бирок технология жок. Кенедей эле өлкөбүз, бирок, телевизор, чөнтөк телефондорду чыгарсак болот. Биздин жаштарыбыз аябай акылдуу. Аларды окууга, тажрыйба алып келүүгө Японияга жибериш керек.

**– Саясий-экономикалык жактан сырткары, туристтик жагын алсак. Япон элин изилдеп жүргөн адам катары аларды жакшы билип калдыңыз. Бул өлкөдөн Кыргызстанга туристтерди кантип тартсак болот?**

– Биз бир маалыматты изилдеп жүрүп, Тамга айылына бардык. Ал жерде Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин 125 япон туткуну келген экен. Учурда ушул окуяны камтыган Кыргызстан-Япония мамилеси тууралуу документалдуу тасмабыз аяктоо алдында турат. Жакында Японияга барып бет ачарын жасап келебиз. Бул тууралуу алардын көп нускалуу 4 гезитине маалымат жарыяланды. Ушундай долбоорлор менен иштешип, тасмачылар, журналисттер Японияга барып, алар тууралуу Кыргызстанга айтып келсе, анан алардан бизге келип, биз жөнүндө айтып барса, ошондо эки өлкө ортосунда туристтик мамиле азыркыдан да жакшырмак.

# А.Якубакунов: «Бизнесте да шылуундар көп»

“Евробиримдике мүчө болгондон тартып, бажы эрежелерин бузуу көбөйгөн. Себеби товарларга төлөө наркы жогору болуп калган. Ошол себептен коңшулаш өлкөлөр мыйзамсыз товарларды көп алып кирүүдө” дейт Мамлекеттик бажы кызматынын контрабандага каршы күрөшүү башкармалыгынын башчысы Абдурашит Якубакунов

## 100 миң сомдон жогорусу - аткезчилик

Бажы кызматынын эң негизги аткара турган иштеринин бири – Кыргыз мамлекетинин экономикалык коопсуздугун сактоо болуп эсептелет. Анын ичинен контрабандага каршы күрөшүү башкармалыгы өлкөгө алып кирген товарларга көзөмөл жүргүзүп, мыйзам бузгандарына кылмыш ишин козгоо жана административдик чараларды колдонуу боюнча иштерди алып барат. Негизи элибизде мыйзамсыз товар жүгүртүүнү “аткезчилик” деп түшүнүшөт. Бирок, аткезчилик кылмыш кодексинин 204-беренесинде көрсөтүлгөндөй товардын наркы 100 миң сомдон жогору болуш керек. Эгер 100 миң сомго жетпеген товар болсо, анда бажы эрежелерин бузуу деп гана эсептелет. Мындан сырткары, тиешелүү талаптары да бар. Бажы эрежелерин бузууга каршы биздин башкармалыктан сырткары жер-жерлерде өзүнчө бөлүмдөр күнүтүнү иш жүргүзөт.

## Бажы эрежесин бузган 101 кылмыш катталды

Кыргызстан ЕАЭБке кошулгандан тарта кыргыз-казак чек арасындагы бажы көзөмөлү алынып салынды. Ошондуктан учурда өлкөгө ун, күйүүчү май ж.б. товарларды киргизип аткандар бажы эмес, салык мыйзамын бузууда. Мында биз Евробиримдикке мүчө мамлекеттерден келген товарларды көзөмөл кыла албайбыз. Ушу тапта көбүнчө Өзбекстан,Тажикстандан өткөн товарларды көзөмөлдөп, иштин басымдуу бөлүгү ошол тарапта жүрүүдө. Азыр өлкө боюнча Баткен аймагында көп мыйзам бузуу катталып жатат. Анткени күз мезгили болгондуктан, мөмө-жемиш көп киргизилүүдө. Акыркы бир жарым айды алып карасак, бажы төлөмдөрүн төлөбөй кирген товарлар боюнча 20 кылмыш иши, 100дөн ашык административдик иш козголду. Былтыркы жылы 9 айда 89 кылмыш иши козголсо, 2015-жылы бул көрсөткүч 101ге өстү. Ал эми кылмыш иштеринен өндүрүлгөн айыппул 2014-жылы 28 млн. сом болсо, 2015-жылы 36 млн. сомго жетти. Административдик чаралардан 2014-жылы 156 млн. сом, быйыл 173 млн. сом өндүрүлгөн жана аталган иш боюнча өткөн жылы 6 млн. айыппул алынса, быйыл 6 млн. 422 миң сомго көтөрүлдү.

## Күнүгө “Тобокел анализдерин” жүргүзөбүз

Негизи бизнесте да шылуундар көп. Бажы төлөмүнөн качуу максатында ар кандай жолдор менен товарды алып киришет. Ошого карабастан кызматкерлерибиз тыкыр көзөмөлдөп, мыйзамсыз жүк ташууга жол бербөөгө аракет кылып жатышат. Биздин башкармалык чет өлкөдөн кирген товарларга да көзөмөл жүргүзөт. Мындан сырткары, күнүнө тобокел анализдерин жүргүзөбүз. Маселен, ишкер Германиядагы бир фирмадан кийим алып келе турган болсо, анын баасы төмөн болуп, күмөн жаратса, биз бажы кызматкерлеринин деңгээлинде сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, эң төмөнкү баасын аныктайбыз. Эгер товардын наркы төмөн болсо, анда атайын кат жөнөтүп, изилдеп чыгабыз. Анын негизинде товарды алып келген өлкөгө кат жөнөтүп, жооп алабыз. Эгер мыйзамсыз иштер аныкталса, анда тиешелүү чараларды колдонобуз. Мындай кызматташуу Америка,-Түркия, Кытай, Европа мамлекеттери менен жүргүзүлөт. Кыскасы бизде Кыргызстанга товар келчү мамлекеттерден маалымат алышып, кабарлашып туруууга мүмкүнчүлүгүбүз кенен.



# Рак оорусун жеңсе болот



Акыркы убактарда күч алып келе жаткан рак оорусу, канчалаган жарандарыбыздын өмүрүн кыйып кетти. Ал эми бул оорудан айыгып, жашоо кечирип жаткан жарандарыбыз да жок эмес. "Эргене" коомдук фондунун төрайымы Сабырбекова Таалайгул эже рак оорусу, андан айыгуунун жолдору, жаңы технологиялар тууралуу айтып берди

### Кун сайын адамдын денесинде жаңы клеткалар пайда болот

Рак оорусунун негизи – клеткаларда өзгөрүүлөр пайда болот. Биздин денебиз миллиондогон клеткалардан турат. Күн сайын адам денесинде жаңы клеткалар пайда болот. Анын арасында бузулуп, туура эмес өскөн клеткалар да болушу мүмкүн. Иммундук система ал клеткаларды таап, кайра аларды сындырып, организмди тазалап турат. Ал эми ошол клеткалардын ДНКалары (өзүнө окшош нерсени жаратуучу гендер) өзгөрүп турат. Рак ошол туура эмес клеткалардын көбөйүп кетүүсүнөн болот.

### Рак жакынкы органдарга жайылат

Рактын 90%ы картиома болуп эсептелинет. Организмдин ички же сырткы органдары болобу, ошолордун эң сыртында турган клетка картиома деп аталат. Мисалы, өпкө рагы ошол өпкөнүн бронхторунун ичиндеги аба менен же тамак-аш менен толуп турган жерден картиома башталат. Бул клеткалар иммундук системага баш бербей, аябай бат тарай баштайт да, өзүнүн клеткалык милдетин аткара албай калат. Эгер өпкө рагы десек, андагы клеткалар дем алууга жардам берип турмак. Бул рак оорусу кайсыл жерден башталбасын, ошол жерден чоңоё баштайт дагы, кан тамырлар аркылуу жакын жаткан органдарга жайылат. Эгер ошол жакын жайгашкан орган ашказан болсо, анда ошол бездерге, кызыл өңгөчкө жана жакын турган органдарга тарай баштайт. Үзүлүп канга чыккандан кийин мээге, сөөктөргө, боорго чейин жете баштайт да, башка органдарда өсүүсүн уланта берет.

### Рак оорусунун кайсыл түрү коркунучтуу

Негизи рак оорусун түрлөргө бөлүп карасак болот: Биринчи түрү, бир эле органдын ичиндеги рак оорусу. Ал башка органдарга тарап кетпейт.

Ал эми экинчиси, органдан сыртка акырындык менен жайыла баштаганын айтууга болот.

Башка органдарга тарап, андан бездерге өтө баштаса, анда бул үчүнчү түрү болуп эсептелет.

### Көп кездешкен рак оорулары

Бизде көп кездешкени ашказандын рак оорусу болуп эсептелет. Ал эми экинчи орунда эмчек рагы, кийинкиси өпкө рагы, анан аялдар арасында көп кездешкен жатын моюнчасынын рагы. Азыр медициналык каражаттар менен бул оорунун түрлөрүн, пайда болуу себептерин, кантип айыктырса болорун изилдеп жатабыз. Көп суроого жооп табыла элек болсо да, эң белгилүү себептери аныкталган.

### Оорунунун себептери

Себептерине токтолсок, эң көп кездешкен ашказан рагы бактериялардан улам козголо баштайт. Бул бактериялар ашказанда көп жылга чейин жашай бериши мүмкүн. Тамеки чегүү, туура эмес тамактануу, ичимдик ичүү жана башка кошумча факторлордун баары кошулуп келип, адамдын иммунитети азаят да, ошол жерден рак оорусунун бир формасы өсүп чыгат. Экинчиси, көкүрөк (эмчек) рагы. Бул жерде айрымдар турмушка чыкпаган кыздарда, бала эмизбеген аялдарда кездешет деп ойлошу мүмкүн. Антип ойлоо таптакыр туура эмес. Бул рак оорусунун түрү ар бир аялда кездешиши мүмкүн. Тукум куучулук да болушу ыктымал. Эгер 100% аялды ала турган болсо, анын 5 пайызы тукум кууган рак оорулуу болушу мүмкүн. Ал эми калганы организимде пайда болот.

Дагы бир себеби – гормоналдык өзгөрүүлөр. Гормоналдык өзгөрүүлөргө эмне алып келет? Биринчиден, физикалык активдүүлүктүн азайышынан улам толуп кетүү, ичимдик ичүү да себеп болот.

Андан кийин өпкө рагы, ал көбүнчө тамеки чеккенден пайда болорун баарыбыз эле билсек керек. Ошондуктан, бир топ жыл тамеки чеккендердин арасында мындай оору менен ооругандар көп кездешет.

### Акырындык менен өскөн рак оорусу жана анын белгилери

Рак оорусу жай ыргакта өсөт. Балким, ондогон жылдар бою билинбей жүрө бериши мүмкүн.

Көкүрөк (эмчек) рагын текшерүү ыкмасы боюнча этек кири келгенден баштап, алтынчы күндөн онунчу күнгө чейин текшерип калуусу жакшы. Этек кири келбеген аялдар баардык убакта текшерилсе болот. Билүү жолдору көкүрөгүн кармап көрөт, өзгөрүү байкалбайбы? Эгер көкүрөк лимондун сыртындай катуу болуп калса, же кандайдыр бир башка өзгөрүүлөр болсо, анда врачка дароо кайрылганы жакшы.

### Шуру сымал майда бүртүкчө пайда болот

Кандайдыр бир оорунун себептери байкалса, эч качан коркпоо керек. Себеби биз ал оорудан качып кете албайбыз. Рак оорусу кайсы органда башталса, ошол жерде шуру сымал майда бүртүкчөлөр пайда болот. Кээде пайда болуп, кээде жоголуп кетиши да ыктымал. Ал эч кандай кызарбайт, оорутпайт, болгону акырындык менен чоңоё берет

### Жаңы маммография ооруну жакшы аныктайт

Көкүрөк рагынын белгисин кичине кезинде эле маммографиядан аныктаса болот. Маммографияга 40 жаштан баштап гана текшериле алышат. 40 жаштан ылдыйкылардын түшүүсү анча зарыл эмес. Себеби, көкүрөк рагы жаштарда дээрлик кездешпейт.

Ал эми жатын моюнчасынын рагы 25–30 жаштын тегерегинде көп кездешет.

### Алган дарылар ооруну басаңдатып, клеткаларды өлтүрөт

Азыр онкологиялык изилдөө тез өнүгүп келе жаткан илимге кирет. Изилдөөнүн, замандын, технологиянын өнүгүүсүнүн негизинде, рак оорусун айыктырса болорун далилдеп чыгышты. Муну менен катар ошол клеткалардын кандай өзгөчөлүктөрү бар, гормонду сезеби, сезбейби ошого жараша да мыкты дарылар жасалды. Дарыны "таргипный" деп коёт. Ал ооруган клетканы өзү таап, анын оорусун басаңдатып, рак клеткаларын өлтүрөт.

### Дарт эрте аныкталса, айыктырууга болот

Башында айтып өткөндөй ракты түрлөргө бөлдүк. Адамда ошол түрлөрдүн биринчиси кездешсе анда ошол ооруу эрте аныкталса, анда аны айыктыруу 100%га чейин мүмкүн болот. Дарылануда кыйынчылыктар болушу мүмкүн, бирок өмүрүн сактап калса болот. Рактын мындан башка түрүн да эрте аныктап турган болсок, анда да айыгып кетиши толук мүмкүн.

Дүйнө жүзүндө рак менен ооругандар жылдан-жылга көбөйүп барат. Бир жылда 6000дин тегерегинде оорунун түрү изилденет. Ал эми биздин өлкөдө 2014-жылы чыгарылган маалыматты карасак 5552 адамга рактын диагнозу коюлган.

*Урматтуу окурман! Бул маалыматтарды окугандан кийин, сиздерде кандайдыр бир суроолор жаралса анда 0312 64 45 36 номуруна кайрылып адистерден жооп алсаңыздар болот.*



## Ракты жеңген беш уулдун энеси

Абдыразакова Гулмира эжебиз ракты толук жеңип чыккан аял. Ал бул тууралуу төмөнкүлөрдү баяндап берди.

Рак оорум бар экени билингенде, алгач корктум, бир айча догдурга барганым жок. Кийин барбасам башка айла жок экенин билип кайра бардым. "Бир жумадан кийин анализиң чыгат" деп операцияга даярдана беришимди айтышты. Кийин келсем бош орун жок, кайра кетип, башка жолдор менен дарыланууга аракет кылып жүрдүм. Бирок, бир да жыйынтык чыкпаганы үчүн, өлүмүмө даярданып эле жашап калдым.

Кийинчерээк, тааныш аркылуу онкологко бардым. Анын айткандарынын баарын жасап жүрдүм. Өзүңөрдү жакшы карасаңар, баары жайында болот деген кеңешин айтты. Беш жылдай сактанып жүрдүм, өзүмдү кармап күчтүү тамак-аштардан алыс болуп, көбүнчөсүн жашылчалар менен тамактандым. Буюрса, бул ооруну жеңгениме тогуз жылдын жүзү болуп калды. Жакында догдурга барып көрүнгөм, Кудайга шүгүр баары жакшы. Окурмандарга ар бир адам өзүн сүйүшү керек деп айтар элем. Эгер кайсы бир адамда бул оорунун белгилери байкалса, эч качан коркпош керек. Кудайга ишенип, өзүңө ишенип алдыга аракет кылуу керек".

Бетти даярдаган
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# И.Ташов: «Пейилдин калыстыгы, түздүгү – турмуштун, жумуштун ийгилиги»



Кыргызстандын өнүгүүсүнө өз салымын кошкон, жарандарга стимул катары заманбап батирлерди берип келе жаткан саясаттан алыс "KG GROUP" компаниясынын башкы мүдүрү Имамидин Ташов аталган ишкананын келечек максаттары тууралуу биздин гезит менен ой бөлүштү

## Эл үчүн бекер деген түшүнүк жомокко айланып калган сыяктуу

Биздин 2012-жылдан бери кылып келе жаткан аракетибиз батирлерди бекер берүү эмес, элдин жашоосуна үмүт, түрткү берүү. 2012-жылы томолой жетимдерге батир бердик. 2013-жылы илим-билим багытына көбүрөөк басым жасап, 4 кабаттуу 450 орундуу мектеп курдук. Былтыр көп балалуу эки жаш үй-бүлөгө батир бердик.

Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу төрт эм жарыкка келди. Ага да кайдыгер карай алган жокпуз. Муну уккан-билгендердин ичинде: "Мен дагы ошол батирди алыш үчүн көбүрөөк балдарды тарбиялайын" деген сезим пайда болуп, жашоого шыктанышар. Жетим балдарда да: "Бизге кайдыгер карабаган инсандар да бар экен" деген түшүнүк пайда болор. Мындай үмүткө татыктуу кыргыздын бычакка сап, уул-кыздары көп экен. Айрымдардын аң-сезимине жогоруда айтып өткөн түшүнүктү киире алсак, анда биз өзүбүздүн максатыбызга жеттик деп эсептейбиз.

Бул башталышы гана. Кыргыз жер үстүндө да, жер астында да байлыгы болгон соң, жаман эмес жакшы, бактылуу жашоого татыктуу. Буга негиз бар. Баарын саясатташтыра берүүнүн кереги жок. Бирок, элдин кош көңүлдүгүнөн уламбы, ушул күнгө дейре тонолуп эле келатат. Эл үчүн бирөө акысына эч нерсе күтпөстөн кайрымдуулук кылат деген жомокко айланып калган сыяктуу. Ушундай заманда эрдик кылуу напсини тыйып, эл кылбаган, балким адам баласына зор мааниси бар иштерди кылуу. Биз берип жаткан батирлер жатып ичерликке тарбиялабайт, тетирисинче шыктандырып, келечекке канат байлатат деген үмүттөбүз.



## Ипотека боюнча куруучунун пикири

Ипотека, биздин менталитетке туура келбеген көрүнүш. Ипотекада пайызды очойто кошуп эсептешет. Мисалы 10 сомду ипотекага бөлүп берсе, 5-жылдан кийин 10 сомду эле албайт. 5 жылдын ичинде, жок дегенде 15 кылып берет. Демек, бул – пайыз, тагыраак айтканда, сүткорлук, арам иш. Тилекке каршы, жашоо-турмушубуз бизди мажбурлап коёт. Калкыбыз күнүмдүк жашоо менен күн кечирип калды. Эртеңи – туман, түңгүюк. Маселен, алган айлыгы 10 миң сом болсо, ошону да ичпей-жебей чогултуп, эптеп бир батирге ээ болуп калсам деген мамлекеттик кызматкерлер өтө көп. Ушул жакшы дейин десем, дүйнөлүк практикада жок нерсе. Ипотека узагыраак мөөнөткө, тактап айтканда, 3-5 эмес, 10 жылга же андан да көп жылга берилсе жакшы болмок.

## Биз адамгерчиликти карманып келатабыз

Саясатка киришүү максатым эмес. Депутаттыкка аралашкан жокмун, аралашайын деген ниетим да жок. Биз башка компаниялардан айырмаланалы деп аракет кылабыз. Кыргыздын жеринин абасынан дем алып, суусунан ичип жашап аткандан кийин өлкөгө кызмат кылуу милдетибиз. Эгер, сенин жылмаюуңа жетим же өксүгөн адам муктаж болуп турса, жылмаюуң да кызмат болуп эсептелет.

Мамлекет – бул бир үй-бүлө. Биздин энебиз да, атабыз да – Мекен. Жетимди башынан сылап, ачты тойгузуп, көчөдө калганын үйгө киргизүү – ошол аталык-энелик милдетти алгандардын парзы. Өнүккөн мамлекеттердин өкмөтү ичпейт, жебейт, заңгыраган үйлөрдү салбайт. Элдин акчасын башка жакка жөнөтпөйт. Элден түшкөн салыкты элдин жашоосу үчүн жумшайт.

Мүмкүнчүлүгү болуп, колунан иш келип турганда бирөөнүн ажатын ачып, керегине жарай билүү жону жука жетим-жесир, майып, же көп балалуулар менен бөлүшүп, элдин турмушун жакшыртууга 1% болсо да салым кошуу – ар бир кыргыздын милдети. Кыргызстанда миллионер эле эмес, керек болсо миллиардерлер да бар. Алардын бизге окшогон катардагы компаниянын кылган деңгээлдеги кайрымдуулук кылбаганы мени өтө кайгыртат. Бирок эмки жылдары, келечекте, катарыбызды кээ бир миллионерлер толуктап, бизди жалгызсыратпайт деп ойлойм.

Биздин максат – саясатка аралашпай туруп эле элдин керегине жароо, кызмат кылуу. Бул принцип мага тиешелүү эмес. Жараткан бизди балким, дүнүйөлүк принциптерге эмес, адамгерчилик принцибине таянганыбыз үчүн ушул деңгээлге жеткирди. Ушул күнгө чейин кайсы жерде болсом да, өнөктөштөрдү, кесиптештерди ойлогонго аракет кылдым. Себеби, бизди биз кылган, биз менен жуурулуп биз болгон – өнөктөштөр. Өзүбүздөн-өзүбүз эле биз болуп калган жокпуз. Өнөктөштөр аркылуу биз болдук. Биз адамгерчилик принцибинен аша чаппаганга аракет кылып келатабыз.

## Артыкча кызыкчылык ушак айын сөздөргө да себеп болот

Мен башка компаниялардын үйлөрүн көп деле кызыгып карап, изилдеп көрбөптүрмүн. Бир гана өзүм курган, өзүм кирпич койгон үйлөр менен алек болуп келем. Долбоорду өзгөртүп ийүү, ушул күнгө чейин каралган эмес. Долбоорго кетчү чыгымды үнөмдөөгө барбаганыбыз анык. Биз жөн эле үй куруп койбостон, шаардын инфраструктурасына кооздук, көрк берүүгө аракеттенебиз. Долбоор көптөгөн экспертизадан өтүп келип, анан бизге сунулат.

Мен өзүмө бир жол сызгам. Кудай аман койсо, ошол жол менен кетсем дейм. Ошол максатка жетүү үчүн эмне талап кылынса, ошол маалымат менен гана алек болуп, ушак, саясат, бирөөгө душмандык кылуу менен алектенгим келбейт.

Офисибизде 47 кызматкер иштейт. Жалпы компанияда 680 жумушчу эмгектенет. Компаниянын кызматкерлерин 7 облустан тандадык. Колдон келишинче түндүктөн 50%, түштүктөн 50% кызматкер алганга аракет кылдык. Кызматкерлерди мындай тандаганыбыздын себеби – келечек. Бизге чейинки муундун айрымдары кыргыздарды экиге бөлүп келген. Кыргызстандын душмандарынын эң чоң куралы – мамлекетти бөлүп-жаруу. Буга сырткы күчтөр да салым кошуп келген. Биздин балдар да биздин муунду сөкпөшү үчүн, түндүк-түштүктү бириктирүү керек.

## 316 үй-бүлө социалдык үйгө ээ болот

Учурда мугалимдерге, медицина кызматкерлерине, милицияларга, жана өлкөбүздөн тыш жашаса да, социалдык-экономикалык абалыбызга түздөн-түз салымын кошуп келаткан мигранттарга 316 социалдык үйдү өз баасына куруп атабыз. Алынбай калган пайда алардан акчалай эмес, бата-тилек катары келсе пайдалуу. Бул курулуш тармагында биринчи жолу жасалып аткан саамалык.

Ушул күнгө чейин Кыргызстан аймагындагы курулуш компаниялардын эле эмес, коммерциялык багыттагы бүтүн компаниялардын ичинен да өзгөчөлүгүн турчу иштерди жасап атабыз деп айта алам.

Элдин баары орозо айында ифтар берүүгө көнгөн. Кафеге чакырып ифтар бергенде, ар бир адамга 500дөн 800 сомго чейин кетет. Алардын батасын аласың. Биз эми кафеге чакыруу эмес, "рамазан баштыгы", "рамазан торчосу", "рамазан коробкасы" деген түшүнүктү киргиздик. Ушул эле ар бир кишиге кафеде сарпталуучу 700 сомго азык-түлүк алып бердик. Ал азык-түлүккө күнүмдүк керектеле турган май, ун, кант, чай ж.б салынды. Бул берилген азык-түлүккө бир үй-бүлө кеминде 2 күн ифтар кылат. Орозо айында 250 "орозо баштыгын" тараттык. 2016-жылы Кыргызстанга эң мыкты мугалим, эң мыкты дарыгер, эң мыкты милиция кызматкери, деп үч батир ойноткону жатабыз.

Материалды даярдаган
АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ



# Келечекке дүрбү салган Калыгул олуя

Башка жан адам туйбас касиет Калыгулга Жараткандан жөнөкөйлүгү, калыстыгы, диндарлыгы үчүн белекке берилсе керек деп ойлойсуң. Гезитибиздин бүгүнкү санында ары сырдуу, ары табышмактуу "олуя" деген сыпаттын ээси Калыгул олуя туурасында кеп кылмакчыбыз



ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

## Кандай адам олуя боло алат?

Жараткандын ыраазылыгына, сүйүүсүнө арзыган адам гана олуялык даражага жетет.

Муса пайгамбар чөлдөн өтүп баратып, бир койчуга жолугат. "Жеп-ичкидей бир нерсең барбы?" деп сураса, алиги койчу Жараткандын бир сыпатын айтып, таягын жерге урса, эки жерден булак оргуп чыгат. Биринен суу, экинчисинен сүт агат. Муса койчунун жанынан алыстагандан кийин, Кудай Тааладан сурайт:

– Ээ, Жараткан, бул койчуга мынча керемет берүүңдүн себеби эмне?

– Ээ, Муса, анын көңүлүндө Менден башка эч ким жок. Бул пендемдин жакшы сапаттары болгону үчүн ушундай керемети ыроолодум.

Ар бир иште Алла Тааланын ыраазылыгын ойлогон адам олуя боло алат деген элибизде кеп бар. Анын сыңарындай, кыргыз эли өз ичинен чыккан касиеттүү, акылгөй адамдарына атайы наамдарды ыйгарышкан. Көл башынан чыккан дөөлөс Сарт, алдаяр Мойт, Жылкайдардын Тилекматы, саяк Садырлар "аке" деген наамга ээ болушса, сарбагыш уруусунан чыккан бабабыз Калыгул, саяк уруусунан чыккан кадимки Куйручук "олуя" деген наамга татыктуу болушкан.

Көпчүлүктө: "Калыгул кантип олуя болуп, эмне кереметтерди жасаган?" деген суроо туулушу мүмкүн. Албетте, өзүнүн керт башын ойлоонун деңгээлинен чыгып, жалпы адамзаттык деңгээлде ой жүгүрткөн ойчул-даанышмандар кылымда сейрек жаралары чындык. Эң эле төмөнкү сапаттагы олуя маңдайында отурган адамдын оюн окуй алат дешет. Башка жан адам туйбас касиет Калыгулга Жараткандан жөнөкөйлүгү, калыстыгы, диндарлыгы үчүн белекке берилсе керек деп жоромолдойсуң. Бүгүнкү гезитибиздин санында ары сырдуу, ары табышмактуу олуя деген сапаттын ээси Калыгул олуя туурасында кеп кылмакчыбыз.

## Калыгулдун доору

XIX кылымдын экинчи жарымындагы окуяларды, падышалык Орусиянын оторчул эзүүсүн, керек болсо кыргыздар үчүн кылымдын трагедиясы аталган "Улуу Үркүндү" тээ качанкы замандын кыйырынан боолголоп, туя билгендердин бири – Калыгул олуя болгон.

Калыгул Бай уулу 1875-жылы Кочкор өрөөнүндө туулган. Өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүн касиеттүү Ысык-Көлдүн күнгөйүндө өткөргөн. Сарбагыш уруусунан чыккан Надырбек манаптын тукумунан болуп, атасы Бай оокат-аштуу, малдуу-жандуу, жетиштүү чарба күткөн адам эле. Калыгул атасынан калган мал-дүйнөгө ээ болуп, материалдык жактан өмүрү өткөнчө эч нерсеге кор болгон эмес. Баланын оң жак бетинде чоң калы болгону үчүн Калыгул деп аталган. Жети жашында азык Сопу ата дегенден намаз окууну үйрөнгөн. Калыгул диний сабатка ээ болбосо да, жаратылышынан дүйнө таанымы кенен болуп, ар кандай окуяларга, кубулуштарга баа бере алган касиетке ээгедр болгон. Эл арасына жаштайынан эле тамсилчи, маселчи катары тааныла баштаган. Жер чечегин безеген чечен, кара кылды как жарган калыстыгы менен калың журтка алынып, таасири арткан. Руханий бийиктиги Калыгулду мартабалуу байлардан да, бийликчил манаптардан да жогорку даражага көтөргөн.

Калыгул Ормон хан менен замандаш болгон. Атайын эл аралабаса да, бийликке кызыкпаса да, эл ичинде чечилбеген доо, талаш маселени чечүү иштери Калыгулга тапшырылган. Өз пайдасын көздөп, пара, союш албастан, жакын тууган экенине карабай, ишти адилеттүүлүк менен чечкен.

## Калыгул көркөм сөз чебери

Бизге белгилүү болгондой, Калыгул олуя легендарлуу акындар Токтогул ырчы, Кет Бука, Асан кайгылардан кийинки көркөм сөз чебери. Кыргыз акындарынын көпчүлүгү аны "Замана" аттуу адабий агымды негиздеген көркөм өнөрдүн баштоочусу деп эсептешкен. Калыгулдан кийин кыргыз акындарынын бир тобу да бул темага кайрылышкан. Ушул тема боюнча Калыгулдун оюн тереңдетип гана жүрүп отурушкан.

Калыгулдун чыгармачылыгы, өмүрү кандай жашап өткөндүгү тууралуу илимий маалыматтар дээрлик жокко эсе. Калыгулдун көркөм мурастары эл оозунан, куйма кулак аталарыбыз айтып кеткен санжыра сөздөр аркылуу биздин күндөргө жете келди. Өз учурунда Калыгулдун Акыр заман тууралуу айткан сөздөрүнүн коомдук аң-сезимге тийгизген таасири укмуштуудай болгон. Келечек тууралуу айткандарына эл жакасын карманып, Жаратканга тооба келтирген дешет. Бул күндөрү биздин колубузда анын "Акыр заман", "Калыгулдун сөзү", "Ысык-Көл тууралуу айтканы", "Терме-санат ырлары" бар. Мектептердин жогорку класстарына кыргыз адабияты сабагы боюнча атайын программага киргизилип, атайын портрет катары окутулуп келет.

Калыгулдун дагы бир өзгөчөлүгү – салттуу акындардай болуп, колуна комуз алып күүлөбөй, ырдап журт көңүлүн көтөргөнүндө болгон. Айтайын деген оюн кыска, нуска элдин эсинен чыкпай тургандай кылып маселдетип койгондугунда эле. "Сүйлөгөндө айланасындагы эл менен эмес, келечек менен сүйлөшкөндөй болуп, күңгүрөнүп отуруп калчу эле" деп аталардын сөздөрүндө эскерилген экен.

## Орус тууралуу айтканы

Калыгулдун кыргыз жерине качандыр бир убакта орустун келери тууралуу айткандарына көңүл буралы:

*"Орус алар жериңди,*
*Сындырар сенин белинди.*
*Келип калса кокустан,*
*Сактайсын сары талааны,*
*Солдаттыкка бересиң,*
*Ичиңден чыккан баланы"* деп, орусту көрбөй туруп айтып кеткен экен, жарыктык киши.

Калыгул: "Орустар бизди жер-суубуздан ажыратабы? Келечек-муундун көргөн күнү кандай болот? деп кабатырлана баштаган экен. Калыгулдун кооптонушу, элинин келечегин ойлогон гуманисттик көз карашы сый-урматка татыктуу.

## Бийлик ээлерине

Ушул күндөрдө да Калыгулдун нускоо ирээтинде айтып кеткен сөздөрү бийлик ээлеринин кулагына алтын сырга болгон сыяктуу. Бийликтин утурумдук экенин, эл башкарганы келе турган болсоң, анын маанисин түшүнө бил деген нускоо сөзүнө да көңүлүңүздү бура кетели:

*"Алтын ээр ак кабак*
*Атка тынчы болбосо,*
*Алтынын алып отко жак.*
*Күмүш ээр ак кабак,*
*Кулуккө тынчы болбосо,*
*Күмүшүн алып отко жак.*
*Ырыс алды – ынтымак.*
*Ынтымагы болбосо,*
*Алдыңдан таяр алтын так"* деп Калыгул олуя бүктөлүп калган доордун бүктөмүнөн күңгүрөнүп жаткан сыктанат.

## Ысык-Көлгө суктануу

Белгилүү себептерден улам, Калыгул олуя кар жатпас кара Кочкордон Ысык-Көлдүн күнгөйүнө журт которгон. Ысык-Көлдүн сулуулугуна суктанып:

*"Кыш болуп кашкая суугу жок,*
*Жай болуп катыра ысыгы жок,*
*Ат жеткен жерде*
*Мындан кызыгы жок...*
*Мактанып жер жетеби,*
*Ысык-Көлдөн чыкпагыла, балдар!"* деп насаат айтып, көзү өтүп кетсе сөөгүн көл боюна коюшун керээз кылган экен.

1855-жылы 70 жаш курагында дүйнөдөн өтүп, сөөгү азыркы Кара-Ой айылына коюлган. Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт демекчи, кылымдар алмашып жатса да, Калыгул олуянын маселдери маанисин жоготпой, бул күндөрдө да кыргыз тукумун алыскы келечек, өмүрдүн беш күндүк экени тууралуу ойго салып тургансыйт.

## "Акыр заман"

"Акыр заман" чыгармасында замандын оомалуу-төкмөлүү экенине токтолуп, акыр замандын белгилерин сыпаттап, XIX кылымдын биринчи жарымында эле ал элдин алыскы келечегин ойлоп, ага баш оорутуп, жанын кейиткени бул күндөрдөгү биздин замандаштарыбызды ойлонтор бекен?..

*Азиздер айтып кетиптир*
*Акыр заман болжолун.*
*Ак азирет пайгамбар,*
*Адам ата баш болуп:*
*Акыр заман кишиси,*
*Кичине болор мүчөсү.*
*Илгери өткөн адамдан*
*Башка болот деп айткан.*
*Адеби жок сүйлөгөн*
*Кашка болот деп айткан.*
*Карыядан каада кетер,*
*Катындан уят кетер.*
*Келинден келбет кетер,*
*Уулдан урмат кетер.*
*Аяк баш болор,*
*Баш таш болор.*
*Тууганың кас болор,*
*Корооң бош болор.*
*Мингениң жыгач ат болор.*
*Ыгы жокко жан берип,*
*Ыйманың жат болор.*
*Тоо токол болор,*
*Токол байбиче болор.*
*Үй пул болор,*
*Кул бий болор,*
*Тегиз жерден тегирмен жүрөр,*
*Тексиз жерден бий чыгар.*
*Орой киши баатыр болор,*
*От чыкпай жериң такыр болор.*
*Конушу такыр, чөбү жок*
*Ташка конот деп айткан.*
*Элдин нурку азайып,*
*Ачка болот деп айткан.*
*Акыр заман адамы*
*Бакыл болот деп айткан.*
*Мал азайып арымдап,*
*Жакыр болот деп айткан.*
*Эгини өнүп, чөп чыкпай,*
*Такыр болот деп айткан.*
*Андан кийин замана*
*Акыр болот деп айткан.*
*Акыр заман адамы,*
*Аалым болот деп айткан.*
*Аяттын сөзүн бек тутпай,*
*Заалым болот болот деп айткан.*
*Аганын тилин ини албай,*
*Чагым болот деп айткан.*
*Биринин тилин бири албай,*
*Жайыл болот деп айткан.*
*Каапыр менен аралаш,*
*Ошондо айыл конот деп айткан.*



# Эки мектептин чыры дале бүтпөй келет

Быйылкы окуу жылы мектеп окуучулары катышкан кандуу окуялар менен башталды. Бешиктен бели чыга элек окуучулардын мушташуусу, коомчулуктун тынчын алып, тиешелүү кызматтагыларды ойготту. Коомчулукта ачууга алдырып, бир беткей чечим чыгып калбайбы деген чочулоолор бар

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

Үстүбүздөгү жылдын 16-сентябрында №38 мектептин окуучулары менен Республикалык олимпиадалык резерв спорттук окуу жайынын (РУОР) окуучуларынын ортосунда мушташ чыгып, бычакташууга чейин жеткен. Бул мушташта 6 бала жабыр тарткан. Алардын төртөөнө бычак сайылган. Дагы бир өспүрүмдүн мээси чайкалып, биринин жаагы сынган.

### Экинчи окуя мамкомиссиянын туура эмес чечиминен улам болгон


Шералы Сыдыков атындагы олимпиадалык резерв спорттук окуу жайынын жогоруда айтылган мушташтан кийин иштен бошогон **тарбия иштери боюнча директордун мурунку орун басары Жеңишбек Жунусов** бул окуя боюнча төмөнкүлөрдү кабарлады:



"Окуучулар 1 жумада эки жолу үйүнө барышат. Шаршемби күнү сабак бүткөндөн кийин машыгуу да болбойт. Балдар мончого барышат. Көпчүлүгү үйүнө кетет. Келип кеткен балдарга ата-энеси өздөрү жооп берет. Ал эми жатып окуган окуучуларга мугалимдер жооп берет. Үйүнө кеткен балдар биздин жаныбыздагы интернет кафеге барып отурушат. №38 мектебинин үч баласын күндүз бир спорт кийимчен бала коркуткан экен. Интернет кафеде отурган биздин 4 баланын бирөөсүнүн кийими ошол коркуткан баланыкына окшош экен. Ошол себептен аны эшикке алып чыгышып, өйдө-ылдый сөздөр айтылат. №38 мектебинин бир окуучусу: "Коркуткан бала бул эмес, бирок формасы окшош экен" деп айтат. Бычак алып жүргөн окуучу №38 мектепте окуган баланын тууганы экен. Баары №38 мектептин жанына барышат. Биздин балдар "бизге жардамга келгиле" деп балдарга чалышат. Окуучулардын кечки текшерүүсү болуп жаткан. Бир маалда эле балдар топурап кача башташты. Эмне болду десек, балдарды уруп жатышыптыр дешти. Биз койгула дегенче эле "уруш болуп атат жетип келгиле" деп милициялар чалды. Балдар качышты. Тарбиячы, машыктыруучу, мугалимдер кармай албай калдык. Ал жакта окуя бүтүп, милиция биздин балдарды жарым жолдон кармап калыптыр. №38 мектепке барсак үч окуучубуз бычакталып, тез жардам алып кетип атыптыр. Жарадар болгон балдар Азия чемпиондору. Бычак сайган бала №38 мектепте окубайт. Ал Ысык-Көлдөн келген экен. Бул биринчи уруш боюнча АКИпресс маалымат агенттигинен туура эмес маалыматтар кеткен. Алар эч нерсе териштирбей туруп эле, спорт мектептин балдары бири-бири менен бычакташты деп жазып чыккан. Ошол такталбаган маалымат коомго тарап кеткен. Кийин кечирим сурап жазышты, бирок эч ким окуган жок. Эл биздин мектепте окуган окуучулар боюнча жаман пикирде калышты. Бул боюнча укук коргоо органдары абдан көп иштеди. ИИМден мамлекеттик Олимпиадалык резерв мектеби жабырлануучулар деп чечим чыккан. Бизди ошондо иштен алып, башка орун басарларды койду. Экинчи окуяда биздин балдар кичинекей класстар гана окуган эртең мененки убакта барышкан. Эгерде чоң класстар болгондо, дагы уруш чыгып кетмек. Барып терезелерди сындырган. Кичинекей балдарды көрүп тийген эмес. №38 мектептин мүдүрүн түрткөн экен. Балдар "Биз апабыздай болгон аялды эмнеге урмак элек, жөн гана эже, ары качыңыз дегенбиз" дешти. Балдарга жеткиликтүү деңгээлде түшүндүрүү иштери болбой калды. Мамлекеттик комиссия биринчи окуя боюнча РУОР күнөөлүү деп чечим чыгарган. Экинчи окуя окуучулардын ошол чечимге нааразылыгынан улам келип чыкты".

### Маселени биргелешип чечсек болот

**№38 мектептин директорунун тарбия иштери боюнча орун басары Чолпон Барпиева** Олимпиадалык резерв мектебинин жабылып калуусу менен көйгөй чечилип калбаганын билдирет: "Мындай мушташуулар 10-20 жылдан бери болуп келе жатат. 10 жыл мурун Мамлекеттик олимпиадалык резерв мектебинин балдары салык салган күндөрү болгон. Жоопкерчиликтер күчөтүлгөндөн кийин, рекетчилик, акча салуу токтогон. Көчөдөн балдар урушуп-талаша кетишет экен. Эркекче бүтүрүп коюшпай эле, №38 мектепти каптап келип, талкалап кеткендери туура эмес. 16-сентябрдагы бычак сайган биздин окуучу эмес. Балыкчыда турат экен. Ал бычак менен оңду-солду шилтей берген экен. Биздин окуучубузга да бычак тийип, ооруканага жатып чыкты. Спорт мектебинин 3 баласы бычак жеген экен, алар да жатып чыгышты. Ортодо бирөөлөр: "Силер эмне жөнөкөй эле балдардан таяк жегендей лохсунарбы?" деген сөз чыгарып атат. Экинчи окуя ошондон го.



Мен спорт мектебин жаап салсын деп айта албайм. Ал жерде канча балдар окуп атат. Ал балдардын ата-энеси республика жакшылык күтүп аткан, эртең мамлекеттин атын чыгара турган балдар. Алар спортко гана көңүл бура бербей, тарбияны да күчөтүшү зарыл. Билимден мурун тарбия-тартип болушу керек. Күнөө балдарда эмес. Балдарга туура багыт бере тургандар керек. Мурун биз эки мектептин ортосунда план түзгөнбүз. Чогуу иш-чараларды өткөргөнбүз. Алардыкына биз барып, биздикине алар келип, бир жыл бою жакшы иш жүргүзгөнбүз. Улантып кетсек болмок. Эми бул чыр-чатакты кандай чечиш керек экенин мамлекет башчыларына чейин ойлонуп атат. Окуу жайды жаап салуу менен көйгөй чечилип калат деп ойлобойм. Балдарга туура түшүнүк берип, контролду күчөтүп, чоң масштабдагы иш-чаралардын пландарын чогуу иштеп чыгышыбыз шарт. Окуучулар арасында жакшы мамилелерди түзүшүбүз керек. Биз өзүнчө, алар өзүнчө болгону менен көйгөй чечилбейт".

### Экинчи конфликт, биринчи уруштун негизинен пайда болгон

**ИИМдин маалымат катчысы Бакыт Сеитов:** "Олимпиадалык мектеп менен 38-мектептин ортосундагы окуучулардын конфликти мурда да, жакынкы бир айда да болгон. Олимпиадалык мектептин 9 окуучусу камакка алынган. Биринчи урушта да бүтүрүүчүлөрдүн ортосунда чатак чыгып, бычак колдонулган. Экинчи конфликт, ошол биринчи уруштун негизинен келип чыккан. Акыркы окуяда 38-мектептин балдарын сабап кетишкен. 234-берене боюнча кылмыш иши козголду. Бейбаштык иши боюнча кимдин күнөөсү бар, эмне себептен болгон деген маселелердин баарын биз тергөөдө көрсөтүп беребиз. Тергөөнүн жыйынтыгы менен материалды сотко жөнөтөбүз. Моралдык жагын мамлекеттик комиссия териштирип атат.

### Натыйжасын эмес себептерин билүү зарыл

**Билим берүү, тарбия маселелери боюнча адис Асылбек Жоодонбеков** Кыргызстандагы билим берүү жаатында чоң көйгөй бар экенин мындайча айтты:



"№38 мектептин окуучулары менен спорт мектептин окуучуларынын окуяларынын кайра эле кайталанышы Кыргызстандагы билим берүү жаатында дегеле бой жетип калган балдарды тарбиялоодо жана билим берүүдө чоң көйгөй бар экенин көрсөттү. Айрым эксперттер, спорт мектебин жабуу керек же алыс жакка көчүрүү керек деп атышат. Менимче, бул натыйжа менен гана күрөшүү. Андан тышкары, спорт мектеби болочоктогу кылмышкерлердин уюгуна айландыбы деген ойлор бар. Бул сөздөрдүн баары ойго салат. Ата-энелер, мугалимдерди да ойго салат. Дегеле менин баамымда, бүгүнкү Кыргызстанда билим, адамкерчиликтик менен атаандашуу эмес, кара күч жеңип бараткан сыяктуу. Чиновниктердин бир тобун чымыр дене, буура булчуң жаштар кайтарат. Ошол эле мезгилде айрым депутаттар жардамчылыкка билимдүү жаштарды эмес, чоң муштумдарды алган учурларды да билем. Бул жагдай кара күч мамлекеттик масштабда талапка ээ экендигинен кабар берет" деди.

*Республикалык олимпиадалык резерв окуу жайынын жабылуусун эч ким каалабайт. Анткени, ал жерден криминал гана эмес күчтүү спортчулар, мамлекеттик жана коомдук ишмерлер тарбияланып чыккан. Бул окуу жайдын №38 мектеп менен болгон акыркы эки окуяда спортчуларды бир тараптуу күнөөлөй берүү да туура эмес. Көйгөйдүн түпкүрдө катылып жаткан себептерин таап, туура нукка салуу менен маселени чечсе болот деген ишенимдебиз.*



# Жакынкы Чыгыштын тараза ташы орустарга оой баштады

Россияга Украина жана Сирияда аскердик операцияларды жүргүзүү үчүн каражат керек. Жакында Европа менен Жакынкы Чыгыштагы кагылышууларга исламчыл террорчу топтордун Афганистандын аймагынан Борбор Азияга (БА) ооп кетүү коркунучу жарала баштады. Ошондуктан БАда Батыш жана Россия бири-биринин кошумча каржы булактарын бөгөгөнгө аракет кылышууда

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ



### Москванын Сириядагы негизги максаты

Кылымдар бою кош стандарттуу мамиле кылууга көнүп, бирибирине ишене бербеген эки тарап пландалган натыйжага жеткенге умтулушууда. Батышты Россиядан айырмалап турган көрүнүш – ондогон, жүздөгөн жылга алдын-ала план түзө алуусу. Бирок Россия тактикалык соккулар менен каршылашынын узак мөөнөткө эсептелген иштеринин таш-талканын чыгарып, АКШнын кыжырына тийүүдө.

Россиянын Сирия президенти Башар Асад менен аталган мамлекеттин куралдуу оппозициясынын ортосуна арачыга түшүп, саясий-экономикалык стабилдүүлүк орношуна салым кошом дегенинин артындагы негизги максаты айкындала баштады. ТАСС агенттиги билдиргендей Россия Мамдумасындагы жогорку палатанын депутаттары өткөн жекшемби күнү 25-октябрда Башар Асад менен жолугушуп, пикирин угушкан. Асад "Сириянын өнүгүүсүн каалаган саясий күчтөр" менен парламенттик шайлоолорду өткөрүүгө даяр экенин балдирип, эли кааласа президенттик шайлоону да өткөрүүгө макул экенин айткан. Бирок "Сириянын аймагындагы террорчулукту жеңип, өлкөнү бошоткон соң" деп кошумчалаган. Россиялык сенатор Александр Ющенко: "Асад президенттик шайлоого катышууда өз күчүнө толук ишенип турат. Биз конституцияга олуттуу өзгөртүүлөрдүү киргизүү Анкара же Вашингтон аркылуу эмес Дамасктын демилгеси менен болуусун каалайбыз" деген ойлорун айткандыктарын билдирди. Бул маселенин кабыгы гана.

Владимир Путин менен Башар Асаддын өткөн жуманын 20-октябрында Москвадагы сүйлөшүүсүнүн негизги маңызы россиялык Мамдумасынын башка сенатору Дмитрий Саблиндин "Life News" радиосуна берген маегинде белгилүү болгон. Сириянын президенти россиялык сенаторлор менен өткөн жолугушуусунда экономикалык маселелер да каралган деген Саблин, "Сириянын президенти айткандай, сириялыктардын киминен болбосун, Сириядагы мунай-газ тармагында ким иштеши керек деп сурасаңар, албетте россиялык компаниялар деп жооп берет" деген сүйүнүчтүү кабарды айткан. А.Саблиндин айтымында Сириянын президенти кызматташтык жүздөгөн миллиард долларлык экенин баса белгилеген. Бул аракет аймактын жана дүйнөнүн келечегин аныктай алганчалык деңгээлге жетти.

### Россия түрктөрдүн мунай аткезчилигине бөгөт койчудай көрүнөт

23-октябрда билдиргендей "Ирак жана Шам Ислам мамлекети" (ИШИМ) делген террорчу топ Сирия менен Ирактан басып алган аймактардан чыккан мунайды сатуудан айына 50 млн. доллар киреше алууда. Бул тууралуу "Associated Press" агенттигине ирактык чалгындоо күчтөрү билдирген. "ИШИМ азыр Сирияда иштеп жаткан 160 мунай кудуктарынан суткасына 30 миң баррель мунай сордуруп чыгууда, Ирактан болсо 10–20 миң баррелге чейин чыгарууда. Бул маалыматтар америкалык серепчилердин баамдоосуна дал келет" деп билдирген агенттик.

"Associated Presstin" билдирүүсүнө караганда атын атагысы келбеген, бирок бул маселе менен жакындан тааныш америкалык расмий өкүл ИШИМдин мунайын сатууга жардам берип жаткан өлкөлөр, айрыкча Түркия менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, террорчуларга мунайды кайра иштетип жана каалаган жерине жеткиргенге мүмкүндүк түзүп бирүүлөрүнө тынчсызданганын билдирген.

Ортомчуларды ИШИМдин мунайынын төмөн баасы кызыктырып, Сириядагы согуштун улануусуна негизги себеп болууда. Анткени алар мунайдын баррелин эң кымбат дегенде 35 АКШ долларына, көбүнэсе 10–15 долларга сатып жатышат. Кирешесинин негизги курамы дүйнөлүк базарга мунай сатуудан пайда тапкан Россияга албетте бул негизги булактын арзандап кетүүсү зыян алып келет.

### АКШ тараптагылар Россияга ыктай башташты

"Sputnik" маалымдагандай Ирактын парламенти россиялык учактарга Сириядан Иракты көздөй кача баштаган ИШИМдин согушкерлерине абадан сокку уруу уруксатын берди. Бул тууралуу агенттикке Коргоонуу жана коопсуздук комитетинин төрагасы Хаким аль-Замили билдирген. Бул соккулардын максаты, Ирактын кээ бир аймактарын басып алган террорчулардын Сириядагы өнөктөштөрүнө жардамдашуусуна жол бербөө.

Россиянын аба чабуулдарынан тынчсызданган АКШ Багдатты Москва менен Вашингтондун экөөнүн бирин тандоого мажбурлап жатат.

Орустардын ыкчам чаралары АКШнын буга чейинки өнөктөштөрүн таң калтырып бир суткага жетпеген убакта пикирлерин 180 градуска буруп турат. Өткөн жуманын 22-октябры бейшембиде Владимир Путин Валдай клубунун жыйынында суроолорго жооп берип жатып, орус тараптын сириялык оппозиция менен жолугушуусуна Башар Асад каршы эмес экенин билдирген.

24-октябрда Россиянын тышкы иштер министри Сергей Лавров "Россия 1" телеканалына берген маегинде сириялык оппозицияга ИШИМге каршы колдоо көрсөтө алары жөнүндө "Биз үчүн маанилүүсү – террорчулукка каршы турган тигил же бул согушкер топтордун абройлуу адамдары менен байланыш түзүү" деген. Ошол эле күнү орусиялык министрге жооп кайтарган "Сириялык эркин армиясынын" өкүлү Фарес Байуш Башар Асадды бийликте калтырууга аракеттенип жатат деп, Москваны күнөөлөп "Россия колдойбуз деп айтуудан мурун "Эркин армияны" бомбалоосун токтошу керек" деп каяша айтканын "Reuters" билдирген. Бирок бир күн өтпөй эле жекшембиде түшкө жуук "Эркин армияны" түзгөндөрдүн бири "Улутту куткаруу тобунун" негиздөөчүсү Фахд аль-Масри "РИА-Новостиге" сириялык оппозиция Москвага абройлуу өкүлчүлүк жибергенге даяр экенин билдирип: "Эркин армия" Россия менен сүйлөшүүгө даяр. Биз жолугуп, бирдиктүү иш-аракеттерибизди талкуулап алуубуз керек" деген.

Мындан улам Сауд Аравиясы, АКШ жана Түркия баш болгон тараптын Сириядагы кагылышуу башталгандан берки кылган аракеттери Россиянын мурунку айдын 30унан баштап урган аба соккулары менен ойрон болгон сыяктуу деген жыйынтыкка келүүдөбүз. Үчтүк топ ар кимиси өз көмөчүнө күл тартып жатып Сирия менен Ирактагы бардык өнөктөштөрүнөн кол жууп калуу коркунучуна кабылды. Бул абалды эң сонун пайдалана баштаган Россия бир ок менен эки коёнду атып, бир убакта мунайдын дүйнөлүк баасын көтөрүп, өзүнүн валютасынын туруктуулугу үчүн алгачкы кадамдарды чечкиндүү таштай алды. Бул каражаттар орустарга Украина менен Сириядагы кагылышууларды жөн дөөгө гана эмес, Афганистан менен Борбор Азиядагы өнөктөштөрүнүн чек араларында тутанып баштаган согуштук аракеттерди багыттап турганга өтө зарыл.

### Улуу Британиянын экс-премьери ИШИМге биз себеп болдук деди

1997–2007-жылдары Англиянын өкмөтүн башкарып турган Тони Блэр 2003-жылы АКШ менен өнөктөштөрүнүн Иракка кирип баруусу "Ирак жана Шам ислам мамлекети" делген террорчу топтун пайда болуусунун негизги себептерине кирет деп CNN телекомпаниясына билдирген. Мурунку өкмөт башчынын сөздөрүнүн бир бөлүгүн өздөрүнүн интернет сайттарына жарыялаган британ гезиттери анын "Мен чалгындоо маалыматтары жалган болуп чыкканы үчүн кечирим сурайм. Мындан сырткары пландоодо жана режимди төңкөргөн соң, эмне болоорун билбестен кетирген каталарыбыз үчүн да кечирим сурайм" деген.

2009-жылы британдыктардын Иракка кол салгандыгы тууралуу атайын комиссия түзүлүп, аны Англиянын Ички иштер министринин орун басары Жон Чилкот жетектеген. Бул комиссия териштирүүнүн натыйжасын бир жылдан кийин бериш керек эле, бирок анын баяндамасы улам жылдырылып келип, акыры 2016-жылга калып кеткен.

"Буга чейин анык болгон жагдайлардын бири – батыштык коалиция Иракты басып алган соң, бул өлкөгө кол салуунун негизги себеби делген жумурай журтту кырып жиберүүчү бир да курал табылган эмес. Кийинчерээк Британ ЖМКларында Тони Блэр менен АКШнын ошол кездеги президенти Жорж Буш агрессиясын актап чыгуу үчүн коомчулукту алдашкан деген жоромол пайда болгон" деп билдирет Lenta.ru маалымат агенттиги.

## Анжелина Жоли менен Бред Питт Сириядан бала багып алышат



Өткөн жылы эле белгилүү түгөйлөр жетинчи баласын багып алууну пландап жатышкан. БУУнун өкүлү катары Сирияга болгон сапарында Анжелина жетим калган үч бир тууган менен таанышкан. Актриса үчөөнү тең багып алууну каалаган. Бирок Бред Питт буга каршы чыгып, бирөөсүн гана багып алууга даяр экенин айткан. Учурда түгөйлөрдүн адвокаты керектүү документтерди даярдоодо. Кудай буюрса, актерлор 4-5 айдан кийин дагы бир балалуу болушат.


## Жим Кери сүйгөнүн жерге берди






53 жаштагы актер Жим Керри сүйлөшкөн кызы Катрион Уайтт менен коштошту. 28 жаштагы кызды акыркы сапарга узатуу зыйнаты туулган жери Каппауайт шаарында өттү. Актер чыгашанын баарын өз мойнуна алды.

Эскерте кетсек, Катрион актер менен мамилесин үзгөндөн беш күн өткөн соң, өз жанын кыйган. Акыркы катын Жим Керриге арнап жазган.



## Леонардо Ди Каприо үйлөнүүнү чечти

40 жаштагы голливуд актеру Леонардо Ди Каприо 24 жаштагы модель Келли Рорбахка үйлөнөрүн ММКлар жар салды. Леонардо сүйгөнүн колун Нью-Йорктогу рестарандардын биринде сураган. Күтүүсүз сунуштан улам модель бир нече мүнөткө өзүн жоготуп койгон. Бирок актер сунушунун олуттуулугун айтып, кызды ишендирген. Той качан болору азырынча белгисиз.



## Анжелина Жоли 50 жашын күтүүдө

Мындан эки жыл мурун күйөрмандары актрисанын жашоосуна аябай кабатыр болушкан. Себеби, рак оорусуна чалдыккан Анжелинанын жашап кетүү мүмкүнчүлүгү аз эле. Соңунда оор операциядан кийин, дарыгерлер бир аз да болсо, жашоого үмүт беришкен. Актриса өзү: "Менин таенем да, апам да 40 жашында рактан көз жумушкан. Мен азыр 40тамын. Кудай буюруп, 50 жашка чыксам, бул ооруну толугу менен жеңдим деп эсептейм" деди ЖМКга берген интервьюсунда.





## Константин Меладзе Вера Брежневага үйлөндү

"ВИАГРА" тобунун экс мүчөсү, ырчы жана актриса Вера Брежнева композитор Константин Меладзеге турмушка чыкты. Үйлөнүү тою Италиянын Форте-дей-Марми шаарында өтүп, никени шаардын мэри Умберто Буратти өзү каттады. Той ресторанда уланып, түгөйлөрдүн эң жакындары гана чакырылды. Кошумчалай кетсек, Веранын мурунку турмушунан 5 жана 14 жаштагы эки кызы бар.



## "Бэтмен Суперменге каршы" киноиндустриясындагы эң кымбат тасма болот

"Бэтмен Суперменге каршы" тасмасы Голливудда гана эмес, кино тарыхында эң жогорку бюджеттеги фильм аталарын фильмдин режиссеру Зак Снайдер белгилей кетти. Америкалык ММКлардын маалыматына ылайык фильм бюджети 410 млн. долларды түзөт. Бул болсо бюджети боюнча рекордсмен аталган "Кариб деңизинин карачылары" тасмасынан 70 млн. долларга көп. Режиссердун айтымында тасманын сюжети Фрэнк Миллердин "Возвращение Темного рыцаря" аталышындагы романынан алынган жана жакынкы убакта ачылышы болот.

# Баладан үйрөн

Билим жана тарбия алуу жеке эле балдарга тиешелүү көрүнүш эмес.

Балдарыңыздан да бир нерселерди үйрөнүү мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарбаңыз. Балдар убакытты жакшы өткөрүүнү мыкты билишет.

Кээде болбогон сөзгө деле күлө беришет, анткени, күлгөндү жактырышат. Сиз да жылмайыңыз.

Балдар көп учурда чечкиндүү болушат. Алар артын ойлоп шектенбейт, жылуу сүйлөп, жылмайган адамдын баарын ошондой кабыл алат. Убактыңыздын көбүн балдарыңыз менен бирге өткөрүңүз. Дүйнөнү, жашоону балаңыздын көзү менен кароого аракет жасаңыз. Мына ошондо дагы да көбүрөөк күлүп, табиятыңызга шай мамиле жасап, дагы да көбүрөөк кызыгуу пайда болгонун жана боло элек эле ар нерсеге тынчсызданып, шектенбестен дагы да көбүрөөк чечкиндүү болосуз.



# Баланы жашынан, бирок...

1. Балаңыз менен ички уйгу-туйгусу, муктаждыктары жөнүндө сүйлөшүңүз.
2. Анын ар бир сөзүнө маани берериңизди кыймыл-аракетиңиз менен билдириңиз.
3. Балаңыздын сезимине, ой-пикирине кулак салып, ой бөлүшө билиңиз.
4. Жашына, жөндөмүнө карап иш бериңиз.
5. Канча жашта экенине карабай, ойноого убакыт бөлүңүз.
6. Канча жашта болбосун, айткандарын уга билиңиз.
7. Баланын айткандарына кулак салбасаңыз, кийин ал да сизге ошондой мамиле жасарын унутпаңыз.
8. Бала менен сүйлөшүп жатканда, сөзсүз көзүнө тике караңыз.



## Күтпөңүз

- Сылык болуш үчүн, бирөөнүн көңүл буруусун күтпөңүз...
- Сүйүлүү үчүн, сүйкүмдүү болууну күтпөңүз...
- Достун кадырын билүү үчүн, жалгыз калууну күтпөңүз...
- Бир ишти баштоо үчүн, эң жакшысын күтпөңүз...
- Бирөө менен бөлүшүү үчүн, көп болуусун күтпөңүз...
- Насаат сөздөрдү эстөө үчүн, жаңылышууну күтпөңүз...
- Жардам берүү үчүн, ыңгайлуу учурду күтпөңүз...
- Кечирим суроо үчүн, сага таарынышын күтпөңүз...
- Жарашуу үчүн, ажырашууну күтпөңүз...

## Пайдалуу кеңештер

– Нан салган идишке картошканы же алманы кабыгын аарчып салып койсоңуз, жакшы сакталат.

– Жаңгактын тазасы менен чиригин айырмалоо үчүн суугa салып көрүү керек. Чөгүп кетсе – таза, калкып калса – чирик.

– Муздаткычтын тоңдургучундагы музду бат ээритүү үчүн токтон сууруган соң чач кургаткычты (фен) колдонсоңуз болот.

– Шам көпкө түгөнбөй күйсүн десеңиз, алгач самындуу сууга чайкап алыңыз.

– Шамды бөлмө гүлүнүн жанына коюп күйгүзбөңүз, себеби, шам гүлдөрдү тез эле соолутуп коёт.

– Шамдын көпкө сакталуусу үчүн, муздаткычта кармоо зарыл.

– Эмеректериңизди жүндөн токулган кездемеге суюк майдан 1-2 тамчы тамчылаткан соң аарчысаңыз жакшы тазаланат.

– Китептин үстүндөгү тактарды кетирүү үчүн спиртке малынган кездеме менен аарчыса, бат чыгат.

– Кийимдериңиз жакшы жыттанып туруусун кааласаңыз, кездемени жактырган атырыңызга малып шкафка кошо салып коюңуз, бардык кийимдериңиз жыпар жыттанып калат.

– Макарон менен күрүч кайнаган сууга жуулган кол жумшарып жана агарып калат.

– Чайга боёк кошулбагандыгын билгиңиз келсе, муздак сууга салып бир аз күтө туруңуз, боёгу чыкпаса – таза.

– Муздаткычтын ичин көбүрөөк туз кошулган ысык сууга жууп, андан соң муздак сууга салынган кездеме менен аарчып, артынан кургак кездеме менен сүртүңүз. Таптаза болуп калат.

– Үтүктүн таманындагы кирди уксуска малынган кебез менен сүрсөңүз оңой чыгат.

–От күйбөй жатса, отунга бир аз туз сээп коюңуз.

– Самын алкындыларын ысык сууга эритип шишелерге куюп коюп, кир жууганда колдонсоңуз болот.

– Бөлмөдөгү тамеки түтүнүн жок кылуу үчүн 2-3 шамды күйгүзүп койсоңуз, бир аздан соң түтүн жоголот.

– Терезеге таамп калган боёкту ысык уксуска малынган кебез менен сүрсө, оңой чыгат.

# Кышка суусундук



Түркүн жер-жемиш бышып кожойкелер кыштын камын көрө баштаган учур. Төмөндө ар кандай мөмө-жемиштерден жасалган шире, компот жана сиропторду жасоонун ыкмаларын сунуштайбыз

### Чычырканак ширеси

Мөмөлөрдү таза жууп, андан соң эзип алабыз. Ага 40 градус температурада кайнаган сууну кошуп отко коюп, бирок, чала кайнатып чыгарып алабыз. 1 кг чычырканакка 200 грамм суу кошулат.

### Алманын жайкы сортторунан жасалган компот

Майда алмаларды бүтүн бойдон, ал эми чоңдорун майда бөлүкчөлөргө бөлүп, өзөгүн тазалайбыз. Тууралган алмалар карайып кетпес үчүн аларды лимон кислотасы кошулган сууга (1 л сууга 3 гр лимон кислотасы) салабыз. Банкага салардын астында алмаларды муздак сууга жууп алуу кажет. Даяр болгон алманы банкага тизип, үстүнө муздак шекер сиробун куюп 6-8 саат кармайбыз. Андан кийин сиропту кайнатып, кайрадан банкаларга куюп кайнаган сууда стерлизациялайбыз. 1 л – 10 мин, 2 л – 12 мин, 3 л – 15 мин. Сиробуна 1 л суу, 200-300 гр шекер керектелет.

Ширени буулоо ыкмасы аркылуу да консервациялоого болот. 85 градуска чейин ысытып, оозуна 2 см жеткирбей банкаларга бөлүп куябыз. 0,5 л банкалар жана шишелер 15 мин 1 л – 20 мин, 3 л – 30 мин бууланат.

### Алмурут компоту

**Биринчи ыкмасы**

Алмуруттун (бардык сорту жарайт, өтө эзилгени болбойт) кабыгын аарчып, экиге же бир нече бөлүктөргө бөлүп, өзөгүн тазалап, кислота же туз кошулган сууга салабыз. Андан соң кесилген алмурутту банкага тизип, кычкыл мөмө ширесин (1 литрге жарым стакан) же 3 грамм лимон кислотасын кошуп, кайнаган сиропту куюп, үстүн капкагын бекитип, 90 градус температурада кайнап аткан суунун буусуна бир литрликти – 15 мүнөт, эки литрликти – 20 мүнөт кармайбыз.

**Экинчи ыкма**

Биринчи ыкмадагыдай даярдалган алмуруттарды эки-үч литрлик банкаларга тизип, кайнаган сироп (200-300 гр шекерге 1 л суу) куябыз. Капкагын жаап 5 мүнөт кармайбыз. Андан кийин сиропту кайра куюп алып дагы бир жолу ысытып туруп алмурутка куюп дагы 5 мүнөт кармайбыз. Үчүнчү жолу сиропко кислота (1 литр сиропко 4 гр лимон кислотасы керектелет) кошуп кайнатып, сиробун банкадан ашыра куябыз. Ар бир банканы кезеги менен бууланган капкак менен жаап, муздаганча түбүн өөдө каратып көмкөрүп коёбуз.

### Жүзүм сиробу

Сироп үчүн 1 литр жүзүм ширеси, 1 кг. шекер, 1 стакан суу, 0,5 кг. лимон керектелет.

Жогорку сорттогу, таттуу ак жүзүмдүн мөмөлөрүн жууп, майдалап, маңызын сыгып, анан сүзүп алабыз. Жылымык сууга шекер чалып, шекер сиробун даярдап алабыз. Сиропко жүзүм ширесин жана тазаланган лимонду кошуп бир нече мүнөт кайнатабыз. Сиропту тундуруп алып, даярдалган шишелерге ысыгында куюп оозун бекитебиз.

### Сабиз ширеси

Шире үчүн жаңы, жакшы бышкан сабиз тандалат. Сабизди жууп, тазалап, майдалап шире сыккычтын жардамы менен маңызын сыгып алабыз. Ширесин тундуруп, 2-3 кат даки менен сүзүп алабыз. Ширени 80-85 градуска чейин кайнатып, шишелерге же банкага оозуна эки эли-үч эли жетпегендей кылып куябыз. Капкагын бекитип 108 градус температурада 30 мүнөт кайнатабыз. Мындай температураны алуу үчүн сууга туз (1 л сууга 400 гр туз) кошуу керек. Капкактар атып кетпеши үчүн, кайра да бекитүү зарыл.

### Жүзүм компоту

Жүзүмдүн мөмөлөрүн шиңгилинен абайлап ажыратып алып, анан арасынан эзилбегендерин, өңү, өлчөмү бирдейлерин тандап алып банканын ичине жыш тизебиз. Бууланган соң, мөмөлөр кичирейип, арасында жылчык калбашы керек. Жүзүмдүн сиробу үчүн 300 грамм шекер жана 700 грамм суу керектелет. Кайнатылып даярдалган сиропту мөмөлөргө куябыз. Жарым литрлик компоттордуу сууда 10-12 мүнөт, бир литрликтерди 15-18 мүнөт, үч литрликтерди 35-45 мүнөт кайнатуу керек.

Бетти даярдаган
ЭЛИЗА ИРАНОВА

# Бөйрөгүн тапкан кумурсканын китеби

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



Кумурзстандыктар негизи эле өтө өзгөчө калк келишет. Бул уяны жердеген кумурскаларды түшүнүү үчүн, ушул уяда туулуп-өскөндөн башка арга жок дешет башка жактан келгендер. Мисалы, башка уялыктар бир нерсе окуп, үйрөнүш үчүн тамга таанышса, кумурзстандыктар түз эле жазыш үчүн тамга таанышат. Ушундан улам, бул уяда азыр ким кааласа, китеп жаза берет. «Биттин уулу Байгара» деле жазат» деп калышат өздөрү. Керек болсо бөйрөгү кайда экенин билбей, ар кимден сурап жүрүп таап келгендер дагы китеп жазып койгонду уят көрбөйт. Эл эмне дейт деп ойлобойт дагы. Жазгысы келдиби жазат. Анысын кимдир бирөө окуйбу же окубайбы баары бир. Айта жүргөнгө жакшы дешет окшойт кызы. Кокус бирөө жарым бирдеме деп калса,

- Эу, ти чо, мен керек болсо китеп жазгам, - деп айтканга жазып коюшат го.

Айткандай эле, бүтүндөй Кумурзстанды уктатып кеткен атактуу уктаткыч уяхан Кутурман бек Бакс дагы же арманын айтар бирөө жок калганбы, же бош отура берип эриккенби, айтор бир китеп жазып таштады. Баса, бул бечараны убагында талкан жеп отурган жеринен эле алып келип уяхан кылып салышкан жайы бар. Балким анысын да жазса керек китебинде. Бирок, талкан жегенге караганда ак уяда отуруу көбүрөөк жагып калды окшойт, кийин Кумурзстандыктар:

- Кутурман бек, ак уяны бошот. Талканыңды алыс барып же, - дешсе да болбой, ак уядан чыкпай койгон. Ак уяны бошотмок тургай качан болбосун көгөөндөй болгон көзү менен нары-бери өткөндү коркута берчү.

- Мен көгөөн жылдызында төрөлгөм. Ак уяга ким кирем десе, дароо чагып алам, - дечү ал. Ак уясын аарынын уюгундай эле коручу. Бир туугандары, бала-чакасы аны аарынын энесиндей тегеректеп алышты.

Ал уяхан болуп турганда канча кумурска набыт болду. Бит аткандай аттырды баарын. Өйдө басканын өйдө жактан, ылдый басканын ылдый жактан жайлады. Өзү болсо «билбейм» деп ийнин куушуруп койчу. Ийни да укмуш куушурулчу тим эле. Шып этип эле жыйрыла калчу. «Билбейм» дечү да кутулуп кетчү.

- Азыр Баляарусуяда эптеп жашап атам. Буга чейин чогултккан арпа-сарпам бар болчу. Ошолорду кытыратып жейм. Анча мынча чиркей атканы чыгам. Ушундай жашоом, - деп айтыптыр.

Кыскасы, өзүнүн бар экенин эптеп шардана кылды бечара. «Жаман да болсом эл оозунда жүрөйүн» дегендей түр көргөздү. Анткени менен Кумурзстанда андайлардын баарын эле эстей бергенге убакыт жок да. Бул жерде ансыз да айтыла турган нерселер укмуш көп. Мисалы, жанагы сапсагайлар эмгиче сөз болуп бүтө элек. Эки кумурсканын башы тийишкен жерде ошолор тууралуу сөз боло калат. Бала-чакадан биринчи ошону сурашат.

Айтмакчы, жакында эле алардын акыркысын араң жок кылышты. Бирок бул жолу бит аткандай атып салышкан жок. Биз аз эстерине келишкен окшойт, «эки жак тең баштайлы» дегендей кылышыптыр.

- Сен да ат, биз да аталы, - деп сүйлөшүп алып башташыптыр. Тинттердин мунусуна баракелде! Ыраазы болду көпчүлүк.

- Арпа кескен бычак кармата коюп, атып таштаган болмок беле. Андай оюн болбойт да. Нечесно! - деп атышкан мурун.

Ошондон бери тинттер бир аз оңолуп калышты. Андан бир аз мурдараак дагы бир сапсагайды кара жалбырак көтөрүп, колуна оюнчук күкүрт кармап алып ойноп аткан жеринен кармап алышкан. Бечараны аябай уруп- сабап туруп алып кетишкен болчу. Эмнеге анча жиндери келгенин алгач карап тургандар түшүнгөн эмес. Көрсө, жанагы кара жалбыракты сурабай алып кетип калган тура. А кара жалбыракта болсо тинттердин улуу мыйзамы жазылыптыр. Аны бу сапсагай окуй алмак беле? Балким ал дары саткыч болгондо анда тиймек эмес. Себеби, дары саткычтар балакеттин баарын окуйт эмеспи. Деги бу кургур окуй албаган немеси менен ойнобой эле койсо болмок. Же бир аз ойногондон кийин ыргытып ийбейт беле. Тинттер билбей деле калышмак экен. Себеби, мындай мыйзамдар аларда бачке-бачке болуп тебеленип жатпайбы. Кыйратып окуп үйрөнүп алган деле бирөө көрүнбөйт. Андайлар жөн эле илинип турчу салбырап. Чаң басып, топо басып жаткан мыйзамдар канча. Анан калса, башында жалбырак, колунда күкүрт тургандан кийин мыйзамды окуп эмне кереги бар? Мына ушундай барксыз неме болчу бул мыйзамы. Болгону анын оюнчук болуп сыртка чыгып кеткени булардын жанын кейитти. «Башкалар көрсө эмне дейт?» деп уялышты.

- Кумурзстанда тинттер мыйзамын сыйлабайт экен, - деген сөзгө калабызбы деп уялып жатышты алар.

- Сапсайган келесоо! Биздин мыйзамды көтөрүп алып ойноп кеткен тура, - деп аябай кыжырданышты.

- Тирүү кармагыла, тирүү! – деп айкырды тинттердин чоңу. – Мен ага мыйзам менен ойногонду көргөзөм!

Кыскасы, ошентип, бул сапсагайды тирүү кармашты. Болбосо баягыдай эле бит аткандай атып таштамак. Баштары да оорумак эмес. Колунда оюнчук күкүрт турганда эмнеге оорумак эле. Арпа кескен бычак кармаганга караганда, бул кичине күкүрт болуп атпайбы.

Деги булар ушундай таш боор немелер. Ата-энеси кичине кезинен эле «ат, чап, сок» деп чоңойткондой жүрүшөт. «Сапсагай болсо да, кумурска да» деген такыр болгон жок буларда. Айтмакчы, баягы Кутурман бек ак уяны бошотпой, көгөөнчө коргонуп, бала-чакасы аарыдай ызылдап эч кимди жолотпой атканда, ушул сапсагайлардан экөө ошол жерде жүрүптүр. Тинттин мыйзамы гана эмес, бүткүл Кумурзстандын мыйзамын буту үшүсө бутуна ороп, арты үшүсө артына ороп жүргөн Кутурманбекти кууп чыккан күнү «азамат» деп далыга тапталгандарды эми минтип жабалактай кууп, көрүнгөн жерден жалпайта атып атканлары таң калыштуу.

Иши кылса, турмуш ушундай уланып жатты. Тигил ак уя менен көк уяда гана баары тыптынч. Бир ай тер төгүп иштеген мыркиялар көшүлүп уктап атышат. «Эптеп хайлаалоодон өтсөк болду» дегендери беш жылга жеткидей азыктарын камдап алып, эң түпкү уясына кирип жатып алышкан. Баса, аларга азык камдап деле кереги жок да. Азыкты эми эл даярдап берет аларга. Хайлаалоодон өткөн данекбаш жоо чаап келген баатыр менен барабар. Алдына коңуз тартып, оозуна талкан салып гана туруш керек.

Темр Сар эле тынбай чуркап жүрөт. Бирок, жанындагы жандоочулары акыркы күндөрү элди тажатчу болду. Кайда барса топурап ээрчип алат. Темр Сар эртең менен ыштанын кийейин десе да чуркап барып биринчи кийип көрүшөт имиш. Өткөндө бир уяга кирип кеткен экен, сыртынан бекем жаап, жалбырак менен ороп алышыптыр. Темр Сар кайра чыга албай кечке отурду дейт. Арыктап да баратат бечара. Алдына тамак келсе, он чакты жандоочу бирден ууртайт экен. Бирөө даамын көрөт, бирөө ысык-муздагын көрөт, бирөө тузун көрөт, бирөө эски-жаңысын көрөт. Айтор ошонун баарына жакканда кийин гана Темр Сарга кезек келет. Бирок, ошончо кумурска ичкенден кийин ага эмне калмак эле? Өткөндө бир тойго барса, жөргөмүштүн учасын тартышыптыр. Жандоочтордон өтүп Темр Сарга жеткиче сөөгү эле барды дейт.

- Ушунун баары жандоочторунун кызганчаактыгынан, - дейт байкап жүргөндөр. – Мисалы мени бир эле аялым кызганат. А муну болсо отуз жандоочусу, беш жардамчысы, үч жазмачысы, тогуз коңуз айдоочусу бар. Ошонун баары кызганат. Анан кантип арыктабасын бечара? Кокус караңгыда сыртка чыгам деп калса, накта азаптын баары ошондо башталат. Кычык-мычыктын баарына тинттерди тизип, жолдо жүргөн карапайым кумурсканын баарын токтотуп, жарыктын баарын жагып турушат. Себеби, уйкусу толук ачыла элек Темр Сар кайда басып кетерин ким билсин. А өткөндө такыр эле ичи өтүп, отурганга буйтка жер издеген экен. Бирок, бир да караңгыраак кычык таппай коюптур. Кайда басса жандоочтору кошо басып, жапжарык кылып турушту дейт. Эми алардын жумушу ошол да. А берки андайда отура алмак беле? Эр болсоң көөдөй караңгы түнү жапжарык жерге барып отуруп көрчү. Болгондо да отуз кишини каратып коюп... Бечара Темр Сар аябай кыйналды дейт. Эл болсо ого бетер чыдамсыздана күтүп атышат. Жолдун баары жабылуу болгон соң, күтүп атат. Коңуздар түтөгөн боюнча турат. Айласы кеткен Темр Сар ыштанын булгап коёрдо бир жерге отура калбайбы. Ошондогу элдин кубанычын айтпагыла. Уя-пуясына шашып аткан немелер, Темр Сар туруп уясына кирип кеткиче, дуулдата алакан чаап турушуптур.

Мына ушундай кысталыш жашоо. Жогорку манекбаш болгону эч ким мынчалык кыйналган эмес. Керек болсо уяхандар да мынчалык кыйнала элек. Темр Сар гана чыдап жүрөт. Деги кыйын кумурска экен, кургур...

Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа" Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Гүлмайрам Бакирова

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**Design:** Горизонт Медиа

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 93–65–55, (0312) 45–48–68
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Сапесеп гезити

**Нускасы:** 5000
**Буйуртма № 2891**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Коко Шанелдин карьерасы



Жер жүзү бүт билген бул ысымсыз моданын жана парфюмериянын тарыхын элестетүү кыйын. Дүйнөлүк парфюмерия ааламында бир канча ысым кездешет. Алар тууралуу эчен китеп жазылып, эчен тасма тартылды. Аттары идеянын алып жүрүүчүлөрү, символ түшүнүгү катары кабыл алынып, түпкү маанисин (адамдын аты экенин) жоготуп койгон учурлар арбын. Мына ошолордун бири – CHANEL

1883-жылы дээрлик туруктуу үйү жок жарманке соодагеринин үй-бүлөсүндө туулган. Жашоосу чеке жылытарлык болбогондуктан, эски, ташталган бир үйдө күн көрүшчү. Апасы ар кимдин үйүн тазалап, кирин жууп, жумушун жасап тиричилик кылган. Ошентип жүрүп апасы оор түйшүктү көтөрө албай көз жумган, атасы карабай таштап кеткен. 12 жашынан тарта Коррездеги балдарды тарбиялоочу жайды башпаанек кылчу. Мына ошол жерде жүргөндөн тартып, жасалма "балалык-тарыхын" ойлоп табат. «Мен жетим эмесмин. Атам Америкага кеткен, келгенде чоң үй сатып алабыз» дечү.

Коко Шанель балалыгы тууралуу ким бирөөлөрдүн, айрыкча журналисттердин билип калуусунан коркчу. Ал тургай, балдар үйүндө тарбияланганын да жашырчу.

Кийинчерээк Мулендеги трикотаж дүкөнүндө сатуучу болуп орношот. Так ушул мезгил аны дүйнөгө тааныткан бактылуу кез болчу. Сатуучулуктан тышкары бош учурунда аскерлер чогулган концерттик залда ырдап да жүрөт. Репертуарында болгону эки эле ыры болгон: "KoKoRiKo" жана "QuiquavuCoco". Ушундан улам өзүнүн легендарлуу Коко Шанель атын алат. «Атам мени жакшы көрүп, жөжө деп эркелетчү» дейт ал (жөжө – французча коко).

Ошентип балалыгындагы тартыштык кийинки өмүрүндөгү көп ийгиликтерге жетишүүсүнө түрткү болгон. Мээримсиз, сүйүүсүз балалыгынын, жалгыздыгынын басынтуусунан арылуу үчүн 20 жашында бул жашоонун негизи акча экен деп, ошого жараша аракет жасай баштаган. Кыйналып жүргөн Коконун багына ары жаш, ары колунда бар Этьен Бальзан аттуу жигит туш келет. Ага турмушка чыгып, экөө чоң сарай сатып алып, жашап калышат. Бай жигитке турмушка чыккан Коко түшкө чейин уктап, кенен-кесир жүрүп убакыт өткөргөн. Бирок күйөөсү Кокого көп акча коротууну ылайык көрбөйт.

Кийинчерээк кичинекей бөлмөдө жашап, базарга да өзү барууга туура келди. Анткен менен, Коконун карьерасынын көтөрүлүүсүнө Этьен Балзандын салымын белгилей кетүү керек. Себеби, ал Кокого бойдок кезинде Париждеги өзү жашап жүргөн үйүн белектеген болчу. Коко мына ушул жерде өз колу менен тиккен шляпаларды сатып, жеке ишин баштайт. Кызыгы, күйөөсүнүн мурдагы көңүлдөштөрү Шанелдин биринчи кардарларынан болот. Ал тургай, кардарлардын чөйрөсүн кеңейтүүгө да жакшы жардам беришкен. Себеби, алардын курбу, тааныштары аябагандай көп эле. Бул бизнеси күн өткөн сайын жакшырып, Кокого ал жер тардык кыла баштайт.

Ошентип ал 1910-жылдары өзүнүн «Шанелдин модалары» деген аталыштагы ательесин ачат. Коконун жаңы жумушуна күйөөсүнүн досу Бой Капель финансы жагынан колдоп, Парижде шляпа дүкөнүн ачууга жардам берүү менен бирге өнөктөшү болуп калат. Мына ошентип дүйнөгө белгилүү айымдын ысымы шляпаны ойлоп табуу менен Коко Шанель атын алган. Бул кийимдер жаатындагы гана ийгилиги. Анын мындан башка парфюмериядагы жетишкендиктери да бар.

## Жан дүйнөнү жашартуучу рецепттер

### Ушул жерде жана азыркы мүнөттөрдө жашаңыз

Айрым жаштар кийин-соңун ойлонбой, бүгүнкү күнү менен гана жашайт. Адам канчалык улгайган сайын ошончолук келечегин, өткөн өмүрүн көп ойлонуп калат. Кай бирде адам учуру менен жашабагандыгы үчүн көбүнчө өзүнүн бактылуу экендигин сезе албайт. Ошондуктан муну башынан үйрөнүүбүз керек экен. Биринчиден, эмне жасап жатканыңызга көңүлүңүздү жакшылап буруңуз. Экинчиден, кадимки жана күнүмдүк жашоонун жакшы, оң жактарын көрө билүүгө аракет кылыңыз.

### Жаңы нерселерден жана өзгөрүүлөрдөн коркпоңуз

Адамды өзүн жаш сезүүсүнө жаңы нерселерди окуп үйрөнүүдөгүдөй эч нерсе ордун алмаштыра албайт экен. Дүйнө жүзүндө студенттердин санынын көбөйүүсү жашы бир топко барып калгандардын да жаңыдан окуп баштаганынан деп айтылат. Окуу, жаңы, кызыктуу нерселерди үйрөнүү, көңүл ачуу, мунун баары жашоого болгон позитивдүү мамилени пайда кылат. Психологдор иш алмаштыруу же таптакыр эле башка тармакка өтүү да пайдалуу экендигин белгилешет.

### Ийкемдүү болуңуз

Жүрүш-турушубузда эле эмес, жашоодогу максаттарыбызга болгон мамиледе да ийкемдүү болуу зарыл. Албетте, адамдын колунан көп нерсе келет. Бирок ошондой болсо да, кээ бир учурларда тоскоолдуктар ушунчалык кыйын болот дейсиз, жеңүүдө бүтүндөй бир өмүр кетиши да ыктымал.

## Ой берметтери

Акылдуу адам китептерди да, түздөн-түз жашоону да окуй алат.

*Л.Ютан*

Акылдуу адам душманынан да акыл үйрөнүүнү билет.

*Бидеба*

Кээ бир максаттар бар ушунчалык баалуу, ошол жолдо жүрүп жеңилүү деле жеңиш болуп саналат.

*А.Хашим*

Адамдын эң чоң жана сонун чыгармасы бир максат менен жашай билүүсү.

*Монтагне*

Майдага ашыкча маани бергендер, колунан чоң иш келбегендер.

*Платон*

Кыйынчылыктар ийгиликтин кадырын, баасын арттырган коздук.

*Молери*

Жасап көрүп да колунан келбегендерди эмес, аракет кылып көрбөгөндөрдү сында.

*Нелсон*

Ушундай адамдарды көрдүм; үстүндө кийими жок.
Ушундай кийимдерди көрдүм; ичинде адамы жок.

*Мевляна*

